**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Б.Н.ЕЛЬЦИН атындагы**
**КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.12.23.669 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

*Кол жазма укугунда*
**УДК: 34:349:349.6 (575.2)**

**Карабалаева Салтанат Болотовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУГУН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-УКУКТУК КАРАЖАТТАРЫ

12.00.01 – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы

Юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2025**

Диссертациялык иш Кыргызстан Эл аралык университетинин Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин «Юриспруденция жана эл аралык укук» кафедрасында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий консультант:** | **Токтобаев Болот Токтомышевич**<br>юридика илимдеринин доктору, профессор,<br>Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридика институтунун мамлекеттин жана эл аралык укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Джумагулов Айдар Муратович**, юридика илимдеринин доктору, доцент, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин эл аралык жана конституциялык укук кафедрасынын башчысы<br>**Адамбекова Айлен Догдурбековна**, юридика илимдеринин доктору, профессор, милициянын полковниги, Э.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин академиясынын илимий иштерди уюштуруу бөлүмүнүн башчысы.<br>**Тен Андрей Вальеревич** юридика илимдеринин доктору, К.Дикамбаев атындагы Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин Дипломатиялык академиясынын "Эл аралык мамилелер жана укук" кафедрасынын профессорунун м.а. |
| **Жетектөөчү уюм:** | **Ош Мамлекеттик университети**, Тарыхый-юридикалык институту, дареги: Кыргызстан, 723500, Ош, Ленин көч, 331. |

Диссертациялык иш **2025-жылдын 27-мартында саат 14.00дө** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине, Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. **Дареги: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көч., 132, конференция залы (209-ауд.).**
Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/122-3zo-lwo-cjw.

Диссертация менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720024, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек Жолу көч., 394),, Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин (720000, Бишкек ш., Киев көч., 44) китепканаларынан, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын сайтынан https://vak.kg/dissertacionnye-sovety/lk-d-12-23-669/ таанышууга болот.

Автореферат **2025-жылдын 27-февралында** таратылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Сагыналиева В.Ж.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Интеграциялык процесстердин ылдамдашы, айлана-чөйрөгө антропогендик таасирдин тез тарашы жана эл аралык экологиялык мамилелердин татаалдашы менен мүнөздөлгөн көп полярдуу дүйнөнүн заманбап калыптануу шартында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу өзгөчө мааниге ээ болууда. Уникалдуу жаратылыш ресурстары сыяктуу потенциалга ээ Кыргыз Республикасы үчүн бул көйгөй өзгөчө курч маселеге айланууда, анткени климаттын глобалдык өзгөрүүсү, транс чек аралык экологиялык тобокелдиктер жана экосистеманын деградациясы өңүтүнөн алганда, экологиялык коопсуздукту жөнгө салуучу укуктук базаны өркүндөтүү зарылчылыгы барган сайын актуалдуу болууда.

Айлана-чөйрөнү коргоого багытталган мыйзам актылары жетиштүү экендигине карабастан, алардын көбү фрагменттүү мүнөзгө ээ болуп, бирдиктүү концепциясы жана системалуу өз ара байланышы жок. Натыйжада, экологиялык бузууларды алдын алуу, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жана жарандардын жагымдуу курчап турган чөйрөгө болгон укуктарын камсыз кылууга багытталган практикалык чаралар көп учурда жетишээрлик деңгээлде натыйжалуу болбой келет. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын Конституциясында *«…жаратылыш ресурстары Кыргыз Республикасынын элинин жашоо-тиричилигинин негизи катары бирдиктүү экологиялык тутумун сактоо жана туруктуу өнүгүү максатында пайдаланылат, алар мамлекеттин контролунда жана өзгөчө коргоосунда турат.»* деп белгиленген (16-бер. 2-п.) *[Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелинде Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынган – Б., 2021].*

Кырдаал экологиялык мыйзамдардын жетишсиз кодификациясы жана укук колдонуу практикасындагы боштуктар сыяктуу ички проблемалардан гана эмес, Кыргызстандын жаратылыш системаларынын туруктуулугуна терс таасирин тийгизип жаткан эл аралык экологиялык коркунучтарга байланышкан тышкы коркунучтардан улам дагы курчуп жатат.

Заманбап дүйнөдө экологиялык коопсуздук өзүнчө мамлекеттин ички милдети катары эле эмес, эл аралык укуктун, өкмөттөр аралык макулдашуулардын жана туруктуу өнүгүүнүн глобалдык стратегияларынын алкагында чечилүүчү көп деңгээлдүү проблема катары каралууда. Баалуу, бирок аяр мамилени талап кылган жаратылыш объектилерине ээ Кыргыз Республикасы үчүн экологиялык коопсуздукту укуктук жөнгө салуунун бир бүтүнгө келтирилген, илимий жактан негизделген концепциясын түзүү өзгөчө маанилүү. Бул концепция укуктук ченемдерди өркүндөтүүгө, жаратылышты коргоо мыйзамдарындагы боштуктарды жана карама-каршылыктарды жоюуга, ошондой эле жаратылышты коргоо чараларынын первентивдүү мүнөзүн өркүндөтүүгө багытталышы зарыл жана мындан тышкары, эл аралык жана аймактык өнөктөштөр менен натыйжалуу өз ара иш алып барууга шарт түзүүгө тийиш. Ошону менен бирге экологиялык коопсуздукту кепилдөөчү укуктук механизмдерди түзүү учурунда системалуу мамиленин жоктугу бул чөйрөнүн теориялык жана укуктук негиздерин комплекстүү жана дисциплиналар аралык изилдөөнү талап кылат. Колдонуудагы укуктук системаны анализдөө, карама-каршылыктарды жана боштуктарды аныктоо, ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу боюнча концептуалдык мамилелерди иштеп чыгуу, ошондой эле экологиялык мыйзамдарды өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттарын аныктоо Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту чындоого жана ар бир жарандын жагымдуу курчап турган чөйрөгө болгон конституциялык укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзүүгө өбөлгөлөйт.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун теориялык-укуктук негиздерин изилдөө маанилүү илимий-практикалык милдетти билдирет. Аны чечүү курчап турган чөйрөнү узак мөөнөттүү коргоого жана өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнө багытталган натыйжалуу укуктук механизмдерди түзүүнү шарттайт.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөө Кыргызстандын өнүгүүсүнүн негизги багыттарын аныктаган концептуалдык документтер менен тыгыз байланышта. Аларга кийинкилер кирет: 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы; 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы; Кыргыз Республикасынын 2020-2024-жылдарга укуктук саясатынын концепциясы. Айлана-чөйрөнү коргоонун негизги багыттары 2025-жылга чейин Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясында жана жаңы долбоордо белгиленген.

Глобалдуу экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун укуктук аспекттери азыркы илимий адабиятта активдүү талкууланып жатат. XX кылымдын акыркы он жылдыгында жана XXI кылымдын биринчи чейрегинде экосаясат таануу (экополитология) катары белгилүү болгон илимий дисциплина жаралып жана активдүү өнүгүп жатат.Аталган дисциплина экология,саясат жана укуктун өз ара аракетин изилдейт.

**Проблеманын иштелип чыгуу деңгээли**. Бул илимий багыттын калыптанышына жана өнүгүшүнө С.С. Алексеев, С.А. Боголюбов, М.М. Бринчук, С.А. Балашенко, В.П. Виноградов, А.Ю. Винокурова, А.М. Воронцов, А.И. Васильев, Д.Ф. Васин, В.И. Данилов-Данильян, Р.Ф. Исмагилов, В.А. Каламанов, О.С. Колбасова, В.Н. Кузьмин, П.И. Лысухо А.И. Лагунова, М.М. Мухлынин, Л.А. Морозов, Ф.Г.Мышко, А.В. Малько, Т.И. Макаров, Н.И. Матузов, В.И. Минеев, В.С. Миронов, М.Ю. Осипов И.А. Соболь Н.К. Тахватуллин, Н.А. Чертов, И.Л. Честнов, , А.В. Фокин ж.б. зор салым кошкон.

Юридикалык проблемалар боюнча Кыргыз Республикасындагы экологиялык коопсуздуктун теориялык-укуктук аспектилери А.А.Асаналиевдин, Б.И. Борубашевдин, Э.Д., Бейшембиевдин, К.С. Жылкичиеванын, Ж.У. Истамкуловдун, А.А.Кадыровдун, Г.К. Кулдышеванын, Ж.Т.Мурзабекованын, Э.Э.Молдоевдин, А.Н.Ниязованын, Б.Т. Токтобаевдин, Г А. Шин илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Экологиялык коопсуздуктун актуалдуу темалары А.Д.Адамбекованын, Ч.К. Ботоеванын, А.М. Джумагуловдун,А.К.Мирзаеванын, А.А.Токтогуловдун ж.б. авторлордун басылмаларында чагылдырылган.

Экологиянын айрым маселелери К.Абдрахматовдун, А.А.Айдаралиевдин, А.Н. Аюпованын М.С.Алымкуловдун, К.Дж. Бөкөнбаевдин, Д.А. Брусиловскийдин М.М.Дылдаевдин, Ж.Карамолдоевдин
Н.А. Мусабаеванын, Н.И.Осмонованын, А.О. Подрезовдун, К.С.Сыдыковдун, О.А.Тогусаковдун, Э.Дж. Шукуровдун, Т.М.Чодураевдин, Ж.Б. Чотиевдин ж.б. эмгектеринде чагылдырылган.

Бул изилдөөлөр Кыргызстанда экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун укуктук, саясий жана социалдык-экономикалык аспектилерине арналган. Ошол эле учурда авторлор жетишилген ийгиликтерге да, көңүл бурууну талап кылган чечиле элек проблемаларга да өзгөчө көңүл бурушат.

Илимий эмгектердин олуттуу массивине жана иштелип чыккан концепцияларга карабастан, глобалдык жана улуттук экологиялык саясатта түп-тамырынан бери алгылыктуу өзгөрүүлөр орун ала элек. Мындан тышкары, экологиялык проблемалардын курчушу, жаңы коркунучтардын жана чакырыктардын пайда болушу колдонуудагы теориялык моделдердин жана укуктук механизмдердин жетишсиздигинен кабар берет. Эл аралык коомчулук глобалдык экологиялык проблемаларды чечүүнүн ыкмаларына бирдиктүү көз карашын дагы деле калыптандыра элек, ал эми Кыргыз Республикасынын экологиялык саясаты бир тараптуу болбой, жетишээрлик деңгээлде тактала элек.

**Изилдөөнүн максаты** Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун системасын институционалдаштырууну камсыз кылуу боюнча илимий жактан негиздүү теориялык-укуктук мамилелерди иштеп чыгуу, ошондой эле анын туруктуу иштөөсүн камсыз кылуучу натыйжалуу укуктук каражаттарды жана механизмдерди аныктоо болуп саналат.

Коюлган максаттарды ишке ашыруу аймактык жана глобалдык деңгээлде экологиялык туруктуулукту чыңдоого, ошондой эле курчап турган чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүктүрүү жаатындагы эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө олуттуу салым болуп саналат. Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй милдеттер аныкталган:

1) улуттук укуктук категориялар системасында анын негизги түзүмдүк элементтерин, өзгөчөлүктөрүн жана укуктук статусун аныктоо менен «экологиялык коопсуздук» түшүнүгүнүн теориялык жана укуктук мазмунун анализдөө жана тактоо;

2) экологиялык коопсуздук концепциясын комплекстүү изилдөө, анын калыптанышынын негизги этаптарын жана заманбап мамилелеринин эволюциясын байкоо, ошондой эле анын укук жаратуу жана укуктук колдонулуш иши үчүн маанисин ачып көрсөтүү;

3) коопсуздуктун башка түрлөрү (экономикалык, социалдык, аскердик ж.б.) менен укуктук корреляциясын белгилөө жана тиешелүү ченемдик укуктук актылардын өзгөчөлүктөрүн аныктоо менен Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук системасында экологиялык коопсуздуктун ордун аныктоо;

4) иштеп жаткан институттардын, жөнгө салуучу ченемдердин жана контролдоо механизмдеринин натыйжалуулугун баалоо аркылуу Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик экологиялык саясатты ишке ашыруунун укуктук аспектилерин изилдөө;

5) улуттук экологиялык мыйзамдарды жакшыртуу үчүн бул илимий мамилелердин юридикалык маанисин аныктоо менен экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун философиялык-методологиялык негиздерин ачып көрсөтүү;

6) экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун азыркы этабынын негизги проблемаларына укуктук анализ жүргүзүү, алардын укуктук жөнгө салууну өнүктүрүүнүн жалпы деңгээли менен өз ара байланышын белгилөө жана аларды натыйжалуу чечүү жолунда юридикалык тоскоолдуктарды аныктоо;

7) айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы транс чек аралык кызматташтыкты жөнгө салуучу эл аралык укуктук стандарттар, принциптер жана ченемдер маселесине өзгөчө көңүл буруу менен, экологиялык коопсуздуктун эл аралык коркунучтарынын проблематикасын жана булактарын изилдөө;

8) актуалдуу илимий адабияттарды өздөштүрүү жана жалпылоо, ошондой эле айлана-чөйрөнү коргоонун эл аралык укуктук негиздерин түзүүдөгү жана улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүдөгү алардын ролун аныктоо менен экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү колдонуудагы эл аралык укуктук актыларды анализдөө;

9) таза сууга бирдей жеткиликтүүлүк укугун туруктуу өнүктүрүү контекстинде камсыз кылуунун юридикалык механизмдерин аныктоо менен, аталган укукту эл аралык-укуктук жөнгө салууну глобалдык экологиялык коопсуздуктун негизги элементтеринин бири катары карап чыгуу;

10) жаратылышты пайдалануунун укуктук жөнгө салынышына жана жаратылыш ресурстарынын потенциалынын туруктуулугуна таасирин баалоо менен жаратылышты пайдалануунун укуктук аспектилерин изилдөө жана анализдөө;

11) колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын карама-каршылыктарын жана кемчиликтерин аныктоо менен, айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик контролдун көйгөйлөрүн аныктоо, ошондой эле көзөмөл жүргүзүү-контролдоо ишинин натыйжалуулугун жогорулатуунун укуктук жолдорун сунуштоо;

12) коюлган максаттарга дал келүү даражасын аныктоо, кыйла маанилүү тоскоолдуктарды табуу жана аларды жоюу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү түзүү аркылуу Кыргыз Республикасындагы экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу практикасын анализдөө жана баалоо.

**Иштин илимий жаңылыгы** болуп төмөнкүлөр эсептелет:

1. Диссертация системага салынган илимий изилдөөлөрдүн алгачкыларынын бири болуп саналат. Анда экологиялык коопсуздуктун категориялары жана инструменттери туруктуу өнүктүрүү концепциясынын призмасы аркылуу каралат. Иште экологиялык коопсуздук системасын түзүүнүн укуктук, институционалдык, методологиялык жана философиялык

негиздерине ар тараптуу жана ырааттуу түрдө анализ жасалган, бул аталган чөйрөдөгү улуттук мыйзамдарды жана укук колдонуу практикасын андан ары өркүндөтүүнүн максатка ылайыктуулугун негиздөөгө мүмкүндүк берди.

2. Изилдөө ишинде туруктуу өнүктүрүү багытында жаратылышты пайдалануунун колдонуудагы моделин ырааттуу жана этап-этабы менен трансформациялоо зарылчылыгы эсепке алынган, Кыргыз Республикасындагы экологиялык коопсуздуктун мамлекеттик концепциясын ишке ашыруу маселелерине өзгөчө көңүл бурулган. Диссертант тарабынан сунушталган укуктук мамилелер жана чечимдер айлана-чөйрөнү коргоо кызыкчылыктары эске алынган жана учурдагы жана келечектеги муун үчүн жагымдуу жашоо шарттарын камсыз кылуучу экологияга багытталган экономикага өтүүнүн оптималдуу формаларын жана механизмдерин иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

3. Экологиялык коопсуздук системаларынын уюштурулушу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбага жасалган анализ Кыргыз Республикасынын укуктук системасына текшерилген укуктук инструменттерди, эл аралык стандарттарды жана мониторинг механизмдерин ыңгайлаштырууга шарт түзөт. Мындай мамиле экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатууга, улуттук укуктук институттарды чыңдоого, ошондой эле туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу кызыкчылыгында эл аралык укуктук мейкиндик менен кыйла натыйжалуу өз ара иш алып баруусун шарттайт.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдарын түзүү, өркүндөтүү жана системага салуу учурунда анын жыйынтыктарын түздөн-түз колдонуу мүмкүнчүлүгүндө турат. Диссертацияда иштелип чыккан теориялык-укуктук мамилелер, колдонуудагы ченемдик-укуктук базаны жана аныкталган боштуктарды анализдөө жаратылышты пайдаланууну комплекстүү жана натыйжалуу башкарууну, терс экологиялык натыйжаларды алдын алуу жана жоюуну камсыз кылуучу ченемдик-укуктук актылардын комплекстүү системасын түзүү боюнча конкреттүү сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Берилген корутундулар жана сунуштар экологиялык жагдайды жакшыртууга жана туруктуу өнүгүү принциптерин ишке ашырууга багытталган мамлекеттик программаларды жана стратегияларды даярдоодо пайдаланылышы мүмкүн. Алар ведомстволор аралык кызматташтыкты чыңдоого, контролдоо-көзөмөлдөө функцияларынын натыйжалуулугун жогорулатууга, айлана-чөйрөнү коргоо тармагындагы экономикалык жана укуктук механизмдерди өркүндөтүүгө стимул берет.

**Диссертациянын коргоого коюлган негизги жоболору:**

1. Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча тарыхый көз караштарды изилдөө, идеяларды жана эл аралык укуктук актыларды анализдөө айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык укуктук жөнгө салуу институтунун өнүгүүсүнүн негизги векторлорун аныктоого жана системага салууга мүмкүндүк берди, ал глобалдык дагы, улуттук дагы мааниге ээ. Бул тенденциялар флора жана фаунаны коргоо жана сактоо, пайдалуу кендерди казып алуу проблемалары жана жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү талаптар, абанын булганышы, ичүүчү суунун сапатына таасирин тийгизген мөңгүлөрдүн бузулушу, дарыяларды жана көлдөрдү сактоо жана башка аспектилерди кошо алганда, аспекттердин кеңири спектрин камтыйт. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башынан бери өнөр жай таштандыларынын көйгөйү санитардык-гигиеналык талаптардын контекстинде каралган. Бирок өнөр жай өнүгүп, технологиялык калдыктардын айлана-чөйрөгө терс таасири тийгендиктен, бул көйгөй санитардык көйгөйдөн экологиялык көйгөйгө айланды.

2. Экологиялык коопсуздуктун теориялык-укуктук аспектилерин изилдөө, илимий эмгектердин кеңири массивин, анын ичинде чет өлкөлүк авторлордун эмгектерин изилдөө экологиялык коопсуздукту түшүнүүгө, негизги теориялык мамилелерди калыптандырууга мүмкүндүк берди. Чет элдик жана улуттук изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде “экологиялык коопсуздук” терминине байланышкан түшүнүк берүүчү аппарат иштелип чыккан, ал адамдын керектөөсү менен айлана-чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрү ортосундагы тең

салмактуулукту белгилөөгө өбөлгө түзгөн. Концептуалдык мамилелердин негизинде автор тарабынан **экологиялык коопсуздук** түшүнүгүнө тар маанидеги аныктамасы берилген. Бул түшүнүктү улуттук жана эл аралык уюмдардын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын айлана-чөйрөнү коргоо жана сактоо боюнча ишмердүүлүгү катары түшүнүү сунушта

Кеңири мааниде, **экологиялык коопсуздук** – адам өзү жараткан жана жаратылышта көбөйүп жаткан коркунучтардан биосфераны, адамды, коомду, мамлекетти коргоо системасын билдирген улуттук коопсуздуктун элементтеринин бири катары берилген.

3. Кыргызстандын эл аралык уюмдарга кириши жана эл аралык документтерди ишке ашырууга багытталган мамлекет тарабынан ратификацияланган эл аралык документтерди анализдөө, ошондой эле улуттук мыйзамдарды кабыл алуу экологиялык укук бузууларды алдын алуунун негизги аспектилерин аныктоочу программалык документтерди иштеп чыгууну шарттады. Мындан тышкары, мамлекеттик деңгээлде экологиялык коопсуздуктун абалына анализ жүргүзүлүп, бул жаатта контролдоо чаралары күчөтүлдү, талаптар катуулатылып, экологиялык кылмыштарды ж.б. болтурбоо боюнча таасир берүүчү чаралар көрүлдү.

4. Экологиялык коопсуздуктун каражаттарын камсыз кылуу жана тандоо боюнча философиялык-методологиялык мамилелерди кароодо экологиялык кризистин тереңдигин жана көп факторлуулугун аңдап билүү жана түшүнүү контекстинде дүйнөлүк коомчулук тарабынан иштелип чыккан айлана-чөйрөнү коргоо боюнча ишмердүүлүктүн айрым жалпы принциптери жөнүндө сөз кылуу зарыл. Ушуга байланыштуу, Туруктуу өнүктүрүү концепциясы өзгөчө мааниге ээ, ал глобалдык экологиялык көйгөйдү чечүүнүн ар кандай аспектилери боюнча идеялардын бүтүндөй комплексин түзүүгө стимул берди.

5. Диссертациялык изилдөө диалектикалык метод; системалуу мамиле; функционалдык метод; салыштырма-укуктук метод; институционалдык мамиле сыяктуу топторго бириккен ар түрдүү илимий методдор гармониялуу айкалышкан комплекстүү эмгекти билдирет. Мындан тышкары, глобалдык экологиялык коопсуздук, болжолдоо системасын моделдөө, Кыргызстандын жапайы өскөн флора жана фаунасын изилдөө жана сактоо максатында биотехнологиялык методдор, адамзаттын жаратылыш менен жанаша жашоо чөйрөлөрүн бириктирүү аркылуу өнүккөн жана айкалышкан экологиялык коопсуздук берилген историзм методу колдонулган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугунун контекстинде экологиялык коопсуздук проблематикасын ар тараптуу изилдөөгө өбөлгө түзгөн башка илимий методдор да колдонулган.

6. Экологиялык коопсуздук жаатындагы эл аралык-укуктук актыларга келсек, Кыргызстан 13төн ашык жаратылышты пайдалануу конвенцияларын жана аларга карата бир нече протоколдорду ратификациялаган. Ушуга байланыштуу, Кыргызстандын эл аралык кызматташууга жигердүү катышуусу эл аралык стандарттардын талаптарына шайкеш келүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтууну шарттайт жана коом алдында курчап турган чөйрөнү коргоонун учурдагы системасын терең анализдөө, экологиялык саясаттын артыкчылыктарын концептуалдык жактан кайрадан карап чыгуу жана экологиялык коопсуздукту камсыздоо боюнча милдеттерди коёт.

7. Эл аралык экологиялык коопсуздукка коркунучтардын негизги булактарын аныктоо процессинде азыркы замандын негизги глобалдык экологиялык чакырыктарына анализ жасалып, аларды жеңүүгө багытталган эл аралык кызматташтыктын механизмдери изилденген.

Эл аралык экологиялык коопсуздук коркунучунун булактарын ички жана тышкы деп бөлүү зарыл. Ички коркунучтар: булгоочу заттардын бөлүнүп чыгышынын жана таштандылардын көбөйүшү, калдыктардын пайда болушу; ресурстарды азайтуу маселелери; ири шаарларда атмосфералык абанын булганышы; суу объекттеринин булганышы, азоттун, жездин, цинктин, фенолдун, хромдун жана башка заттардын биригүү концентрациясынын азайышы. Тышкы коркунучтар: радиоактивдүү булгануу, иштеп жаткан атомдук электр станциялардагы катастрофалар (мисалы, Чернобыль АЭСи); химиялык заттар, күйүүчү-

майлоочу материалдар, мунай өнүмдөрү жана башкалар менен айлана-чөйрөнүн булгануусунун олуттуу булагы. Биологиялык, химиялык жана ядролук курал, эл аралык коомчулуктун тынымсыз иш-аракетине карабай айлана-чөйрөгө жана бүткүл адамзатка олуттуу коркунуч бойдон калууда. Талаш-тартыштар жана контролдоо маселелери анын жайылып кетүүсүн алдын алууну кыйындатат.

8. Белгилүү болгондой, азыркы дүйнөдө биологиялык курал негизинен айлана-чөйрөгө жана адамдардын ден соолугуна олуттуу коркунуч жараткан аскердик кагылышууларда колдонулат. Биологиялык куралдын өзгөчөлүгү патогендик микроорганизмдердин адамдардын көп бөлүгүнө тез тарап, ооруну пайда кылуу менен эпидемияларга жана пандемияларга дуушар кылган жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Бирок биологиялык курал тынчтык максаттарында да колдонулаарын эстен чыгарбоо зарыл: аларды инфекция жуккан таратуучулар – курт-кумурскалар же кемирүүчүлөр аркылуу колдонуу; дем алууда адамдын организмине зыяндуу таасир этүүчү аэрозоль түрүндө чачуу; кудуктарды уулантуу; айыл чарба жерлеринин жана суу булактарынын булганышы, бул сары безгек, бруцеллёз, кара тумоо, холера, эпидемиялык келте ж.б. ооруларын пайда кылат.

9. «Таза сууга бирдей жеткиликтүү болуу укугун эл аралык-укуктук жөнгө салуу» бөлүмүндө адамдын ичүүчү таза сууга жеткиликтүү болуу укугун ишке ашырууну камсыз кылган эл аралык-укуктук механизмдерди түзүү жана өнүктүрүү маселелери каралат. Автор акыркы он жылда суунун негизги жашоо керектөөлөрүн канааттандыруу, жеке жана тиричилик гигиенасы, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун жана калктын саламаттыгын камсыз кылуу үчүн алмаштырылгыс ресурс катары маанилүүлүгүн баса белгилеген. Таза суу – адамзат жашоосунун негизи.

10. Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу менен мамлекеттик контролдоону бийлик кылган мамлекеттик ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү катары кароо зарыл, анын мазмуну жер казынасын комплекстүү жана сарамжалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүнө мамлекеттик контролдоо үчүн шарттарды түзүүгө багытталган белгиленген чөйрөдө мамлекеттик ыйгарым укуктарды иш жүзүндө ишке ашыруу болуп саналат. Жер казынасын пайдаланууну мамлекеттик жөнгө салуу Кыргызстан элинин азыркы жана келечектеги муундарынын кызыкчылыгында минералдык-чийки зат комплексин натыйжалуу пайдаланууга, мамлекеттин, бизнестин жана коомдун кызыкчылыгында өлкө экономикасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууга жана айлана-чөйрөнү коргоого багытталган.

11. Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөнү коргоону жана экологиялык коопсуздукту жөнгө салуунун укуктук механизмдери айлана-чөйрөнү коргоону жөнгө салуунун укуктук механизмдерин камсыз кылууга жана иштеп чыгууга багытталган: биринчиден, эл аралык-укуктук документтерди анализдөө жүргүзүлгөн; экинчиден, бул чөйрөгө тиешелүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына анализ жасалып, эл аралык-укуктук документтерди ички улуттук укуктун талаптарына ылайык шайкеш келтирүү аракети көрүлгөн; үчүнчүдөн, чет өлкөлүк инвестицияларды тартууну жөнгө салуучу документтерди анализдөө, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан Кыргыз Республикасына экономикалык, өнөр жайлык жана экологиялык зыянды болтурбоо боюнча контролдоо; төртүнчүдөн, маалыматка жалпы жеткиликтүү болууну жөнгө салуучу мыйзамдардын кабыл алынганына карабастан, аны берүүнүн түшүнүктүү тартиби дайыма эле белгилене бербейт, көбүнчө укуктук ченемдер декларативдик мүнөздө берилет.

12. Курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары 2007-2010, 2010-2015, 2015-2020, 2020-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясында - курчап турган чөйрөгө антропогендик жана табигый таасирлердин натыйжасында жаралуучу коркунучтардан коомдун жана инсандын укуктарын коргоо боюнча жаратылыш системаларынын, коомдун турмуштук маанилүү кызыкчылыктарынын корголушун камсыз кылууда белгиленген. Мамлекеттин экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды жүзөгө ашыруунун негизине биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, атмосферанын булганышын алдын алуу, көлмөлөрдүн эвтрофикациясы

менен күрөшүү, ошондой эле сапаттуу ичүүчү суу ж.б. жеткиликтүүлүгү менен байланышкан проблемалар ж.б. сыяктуу өлкөнүн экологиялык коопсуздук системасынын негизги компоненттери кирет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун камсыздоонун теориялык-укуктук негиздерин комплекстүү жана өз алдынча иштеп чыккандыгында. Автор тарабынан түзүмдүк жана мазмундук кемчиликтерин аныктоого, ошондой эле курчап турган чөйрөнү натыйжалуу коргоону камсыз кылууга багытталган укуктук базаны өркүндөтүүнүн конкреттүү багыттарын жана механизмдерин аныктоого мүмкүндүк берген аталган чөйрөдөгү улуттук мыйзамдарга системалуу анализ жасалган.

Изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан колдонуудагы ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча илимий жактан негизделген сунуштар иштелип чыккан, ошондой эле экологиялык коопсуздукту институционалдаштырууну камсыз кылуучу жаңы ченемдик-укуктук документтерди иштеп чыгуу боюнча сунуштар даярдалган. Мындан тышкары, илимий иште мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын, жарандык коомдун институттарынын жана башка кызыкдар тараптардын макулдашылган өз ара иш алып баруусу каралган экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга бирдиктүү мамиленин концепциясы берилген. Бул тиешелүү чөйрөдө укуктук жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Изденүүчүнүн жеке салымы илимий-практикалык конференцияларда изилдөөлөрдүн натыйжаларын апробациялоо, негизги корутундуларды жана жоболорду автордук басылмаларда жарыялоо, ошондой эле алардын эксперттик коомчулукта таанылышы менен ырасталат. Бул жагдайлар Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздук системасын калыптандырууга жана чыңдоого реалдуу таасирин тийгизе турган сунушталган чечимдердин суроо-талаптуу болушун жана практикалык жактан маанилүүлүгүн күбөлөндүрөт.

Изилдөөнүн натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда, тегерек столдордо жана семинарларда, анын ичинде эл аралык деңгээлде баяндалып апробацияланды, бул авторго эксперттерден кесипкөй сын-пикирлерди жана сунуш-көрсөтмөлөрдү алуусуна стимул берди. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө түзүлгөн негизги жоболор илимий коомчулук арасында талкуунун предмети болуп, алардын сынчыл баа берүүсүн камсыз кылып, айтылган пикирлер жана сунуштарды эске алуу менен жеткире иштеп чыгууну шарттады. Иште берилген кээ бир теориялык жана практикалык корутундулар Кыргыз Республикасында, ошондой эле Россия Федерациясында жарык көргөн илимий басылмаларда жарыяланган. Макалалардын рецензияланган журналдарда, ошондой эле илимий иш-чаралардын материалдарынын жыйнактарында жарыяланышы автордун идеяларынын суроо-талапка ээ болушун, алардын илимий жаңылыгын жана практикалык жактан маанилүүлүгүн көрсөтүп, алынган жыйынтыктардын илимий жана колдонмо маанисинин кошумча далили катары кызмат кылат.

Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин Ысык-Көл облусунун регионалдык башкармалыгында, ошондой эле Балыкчы шаарындагы «Ысык-Көл» биосфералык аймагынын дирекциясында апробацияланган, ал жерден тиешелүү жыйынтыктар алынып, алар диссертацияда колдонулган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу**.

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында түзүлгөн негизги теориялык жоболор, корутундулар жана сунуш-көрсөтмөлөр КР -Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан сунушталган рецензияланган 16 басылмада жарыяланган. Эки макала Scopus басылмасынын талаптарынын алкагында жарыяланган. Диссертация даярдалып, талкууланып, Кыргызстан Эл аралык университетинин «Юриспруденция жана эл аралык укук» кафедрасынын отурумунда коргоого сунушталган. Изилдөөнүн кыйла маанилүү жыйынтыктары автор тарабынан эки монографияда сунушталган, аларда экологиялык коопсуздукту камсыз

кылуунун концептуалдык негиздери ырааттуу баяндалып, негизги теориялык-укуктук категориялары көрсөтүлүп жана аталган чөйрөнү укуктук жактан жөнгө салууну өркүндөтүүнүн конкреттүү механизмдери сунушталган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү**. Диссертация киришүүдөн, 12 бөлүмдү камтыган төрт главадан, корутундудан, практикалык сунуш-көрсөтмөлөрдөн жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Диссертациялык изилдөөнүн киришүүсүндө** тандап алынган теманын актуалдуулугуна аргумент келтирилип, иштин максаттары жана милдеттери так аныкталган, ошондой эле анализдин теориялык-методологиялык негиздери түзүлгөн. Бул бөлүмдө изилдөөнүн илимий жаңылыгы негизделип, анын практикалык мааниси берилип жана коргоого сунушталган негизги жоболор келтирилет. Мындан тышкары, киришүүдө илимий-практикалык иш-чараларда жана басылмаларда алынган жыйынтыктарды апробациялоо жөнүндө маалыматтар камтылган, ошондой эле диссертациялык эмгектин түзүлүшүн жана көлөмүн көрсөтөт. Бул изилдөө жана анын жыйынтыктары тууралуу бүтүндөй түшүнүктү камсыз кылат.

Биринчи глава **"Экологиялык коопсуздук концепциясын түзүүнүн теориялык-укуктук көйгөйлөрү"** аталышында.

*Биринчи главанын* ***"Айлана-чөйрөнү коргоонун тарыхый-укуктук башаты жана экологиялык коопсуздук концепциясы"*** деген биринчи бөлүмүндө экологиялык коркунучтардын дүйнөлүк коомчулук транс чек аралык мүнөзүн түшүнгөн XX кылымдын ортосунан баштап экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун укуктук мамилелеринин эволюциясы каралган. Жаратылышка тийгизген терс таасири глобалдуу масштабда болгондуктан, локалдуу укуктук системалар экологиялык коопсуздук маселелерин натыйжалуу чече албаганы, бул айлана-чөйрөнү коргоонун эл аралык укуктук ченемдерин жана принциптерин иштеп чыгуу зарылчылыгына алып келгени белгиленди.

Автор тарабынан экологиялык коопсуздук чөйрөсүндө укуктук жөнгө салуу системасын өнүктүрүүдө эл аралык уюмдардын, баарынан мурда БУУнун ролу баса белгилеген. Жаратылыш объекттерин пайдалануу жана коргоо боюнча негизги эл аралык келишимдер, конвенциялар жана макулдашуулар изилденип, ошондой эле экологиялык коопсуздук концепциясын иштеп чыгуу үчүн принципиалдуу мааниге ээ, эл аралык конференцияларда кабыл алынган документтер (1972-жылы Стокгольм конференциясы, 1992-жылы Рио-де-Жанейродогу БУУнун конференциясы) анализге алынат.

Айлана-чөйрөнүн абалынын адамдын өмүрүнө жана саламаттыгына, ошондой эле мамлекеттин стратегиялык өнүгүүсүнө тийгизген таасирине өзгөчө көңүл бурулат. Экологиялык коопсуздукка коркунучтар жашоонун бардык чөйрөлөрүндө (өнөр жай, айыл чарба, коммуналдык чарба, кызмат көрсөтүү/тейлөө, эл аралык мамилелер) байкалып, комплекстүү укуктук жөнгө салууну талап кылаары белгиленди. Прогрессивдүү технологияларды колдонуу менен экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун жолдору, таштандыларды жана агындыларды тазалоо методдору, ошондой эле жаратылышка жана адамга терс таасирин минималдаштырууга багытталган иш-чаранын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоо аркылуу анализге алынган.

*Биринчи главанын* ***«Экологиялык коопсуздуктун теориялык-укуктук көйгөйлөрү»*** деген экинчи бөлүмүндө экологиялык коопсуздукту аныктоонун негизги: функционалдык, системалык, ноосфералык мамилелери аныкталып, теориялык жактан негизделген, ошондой эле анын түрдүү формалары: социалдык максаттан жана социалдык нормадан системалык мүнөздөмөгө жана социалдык институтка чейин ачылган. Экологиялык коопсуздуктун туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу менен тыгыз байланышта экендигине жана эл аралык жана улуттук коопсуздук системасынын негизги элементи катары каралып жатканына басым жасалып, укуктук доктринада түзүлгөн экологиялык коопсуздуктун ар кандай аныктамалары каралат. Ошондой эле Кыргыз Республикасында эгемендүүлүктү алгандан кийин коомдук-

саясий жана укуктук негиздеринин өзгөрүшү каралып, глобалдык экологиялык чакырыктарды эске алуу менен жаратылышты пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы укуктук жөнгө салууга жаңы мамилелер аныкталган. Экологиялык коопсуздук адамдын өмүрүнө, ден соолугуна, бакубаттуулугуна жана негизги укуктарына коркунучтарга туруштук берүү, ошондой эле жаратылыш ресурстарын сактоо катары чечмелене тургандыгы белгиленет.

Автор улуттук мыйзамдарды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Айлана-чөйрөнү коргоо жөнүндө мыйзамынын жоболорун анализдейт, ошондой эле экологиялык коопсуздукту түшүнүүгө ар кандай илимий мамилелерди жалпылайт, анын философиялык, укуктук жана экономикалык аспектилерин бөлүп көрсөтөт. Айлана-чөйрөгө терс таасирин азайтуу, жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу жана туруктуу өнүгүүгө жетишүүгө багытталган Кыргызстандын мамлекеттик экологиялык саясатын өнүктүрүүнүн принциптери жана этаптары каралган. Кыргыз Республикасы кошулган эл аралык келишимдердин, программалардын жана конвенциялардын ролуна өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле глобалдык демилгелердин алкагында аныкталган туруктуу өнүгүү принциптерин ишке ашыруу боюнча мамлекеттин милдеттенмелери (XXI кылымга күн тартиби, Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттары) каралат. Экологиялык коопсуздукка системалуу мамиле жасоонун, анын ичинде глобалдык, регионалдык жана локалдык деңгээлде жөнгө салуунун маанилүүлүгү негизделип, айлана-чөйрөнүн абалына таасир этүүчү субъективдүү жана объективдүү факторлордун мааниси баса белгиленет. Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик саясаттын натыйжалуулугун жогорулатуучу же төмөндөтүүчү уюштуруучулук-укуктук механизмдер анализге алынат.

Экологияга багытталган экономикалык моделге өтүүнүн этаптары каралган улуттук концептуалдык документтерде бекитилген экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун принциптери өзүнчө каралат. Коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүнө экологияга кирген курамдарын интеграциялоо, бул процесске жарандык коомду, бизнести жана эл аралык өнөктөштөрдү тартуу менен анын зарылчылыгына басым жасалат. Автор ата мекендик жана чет өлкөлүк изилдөөчүлөр тарабынан сунушталган экологиялык коопсуздуктун аныктамаларын жалпылаштырат, ошондой эле экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө жана жаратылыш ресурстарын башкарууга мамиленин калыптанышына ааламдашуу процесстеринин таасирин белгилейт.

Экинчи бөлүмдө улуттук кызыкчылыктардын эл аралык-укуктук стандарттар жана туруктуу өнүгүү принциптери аркылуу тыгыз айкалышуусу менен мүнөздөлгөн динамикалык укуктук жана саясий категория катары экологиялык коопсуздуктун заманбап концепциялары ачып көрсөтүлөт.

*Биринчи главанын* ***“Кыргызстан – экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча эл аралык жана регионалдык уюмдардын катышуучусу”*** *деп аталган үчүнчү бөлүмүндө* республиканын глобалдык экологиялык артыкчылыктардын призмасы аркылуу улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун алкактарын жана механизмдерин аныктаган эл аралык жана регионалдык экологиялык процесстерге системалуу катышуусу каралат. Акыркы жылдары коомдогу терең социалдык-саясий кайра түзүүлөрдүн шартында улуттук коопсуздуктун жаңы концепциясы салттуу аскердик-экономикалык мамиленин чегинен чыгып, көп деңгээлдүү экологиялык чакырыктарды эске алуусу зарыл. Адатта, мамлекеттик саясаттын негизги элементи катары каралбаган экологиялык чөйрөгө кыйла көңүл бөлгөн учурда ал маанилүү факторлордун бири болуп чыгат, анткени жаратылыш чөйрөсү, ресурстары жана калктын саламаттыгы ар кандай цивилизациялык системанын пайдубалын түзөт.

Кыргыз Республикасындагы заманбап экологиялык коопсуздуктун өзгөчөлүгү көптөгөн экологиялык чакырыктар транс чек аралык мүнөздө болуп, эл аралык кооперацияны талап кылуусунда көрүнөт. Климаттын өзгөрүшү, кыртыштын бузулушу, биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголушу, суу жана аба ресурстарынын булганышы өңдүү проблемалардын глобалдык маанисин Кыргызстандын таануусу өлкөнү бир катар эл аралык конвенцияларга жана макулдашууларга активдүү катышуусуна түрткү берет. Аларга

катышуу республикага финансылык жана техникалык ресурстардын жеткиликтүүлүгүн гана камсыз кылбастан, аны экологиялык тобокелдиктерди алдын алууга жана алардын кесепеттерин азайтууга багытталган биргелешкен программаларды түзүүгө жана ишке ашырууга да өбөлгө түзөт. Маанилүү макулдашууларга кол коюу жана ратификациялоо: Климаттын өзгөрүшү боюнча БУУнун алкактык конвенциясы, Биологиялык ар түрдүүлүк боюнча конвенция, Монреаль протоколу, Базель конвенциясы ж.б. – булардын бардыгы Кыргызстандын экологиялык өнөктөштүк жана эл аралык-укуктук шайкеш келтирүү принциптерин кармануууга даяр экендиги тууралуу кабар берет.

Мында кабыл алынган милдеттенмелердин иш жүзүндө аткарылышы жана эл аралык колдоо курчап турган чөйрөнү коргоо жаатындагы улуттук потенциалды чындоого канчалык деңгээлде шарттай тургандыгы тууралуу маселе жаралат. Глобалдык экологиялык институттарды жана Борбордук Азиядагы өз ара иш алып баруунун регионалдык механизмдерин (мисалы, Суу чарбасын координациялоо боюнча мамлекеттер аралык комиссия же Борбордук Азиянын регионалдык экологиялык борбору) экологиялык катастрофаларды болтурбоо жана алдын алуу боюнча чараларды координациялоочу инструмент катары каралууга тийиш. КМШ жана ЕАЭБ алкагында кызматташуу ЕБ, ЕККУ, ЮНЕП, ПРООН, Дүйнөлүк банк жана Глобалдык экологиялык фонд менен жеке программалар жана долбоорлор менен толукталат. Кыргызстандын биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо, чөлгө айлануу менен күрөшүү, коркунучтуу калдыктардын кесепеттерин жоюу жана саздак жерлерди сактоо боюнча эл аралык макулдашууларга кошулуусу техникалык жана консультациялык жардамга, экологиялык инновацияларды киргизүүгө жана мыкты тажрыйбалар менен алмашууга жол ачат.

Бирок, анализ көрсөткөндөй, эл аралык колдоо ички административдик-укуктук реформаларды өзгөртө албайт. Көптөгөн конвенцияларга жана институттарга формалдуу кошулганына карабастан, республикада бул макулдашуулардын айрым жоболорун жүзөгө ашыруунун толук кандуу механизмдери иштелип чыга элек, жетиштүү деңгээде каржылоо жана экологиялык нормаларды сактоо бөлүгүндө так көрсөтүлгөн ведомстволук координация жок, көп учурда системалуу өзгөртүүлөр үчүн күчтүү саясий эрктин жоктугу байкалат.

Улуттук мыйзамдар бир катар учурларда эл аралык келишимдердин жоболору менен макулдашылган эмес, ал эми айрым чаралар мамлекеттик түзүмдөр жана жарандык коом ортосунда иш алып баруу чабал болгондуктан натыйжасы аз бойдон калууда.

Кыргызстандын экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча эл аралык жана регионалдык уюмдарга катышуусун анализдөө эки жактуу динамиканы көрсөтөт: бир жагынан, республика формалдуу түрдө бир катар укуктук механизмдерге кирип, туруктуу өнүгүү принциптерине өзүнүн берилгендигин активдүү декларациялайт; экинчи жагынан, милдеттенмелерди системалуу ишке ашыруу жана экологиялык-укуктук контролду иш жүзүндө жүргүзүү курчап турган чөйрөнү коргоодогу чабалдыкты көрсөтүүдө. Натыйжада, эл аралык сунуш-көрсөтмөлөр жана донорлордун артыкчылык берүүлөрү менен аныкталган улуттук экологиялык саясаттын архитектурасы ар дайым эле жергиликтүү калктын реалдуу чарба жүргүзүү шарттары жана турмуш-тиричилиги менен ийгиликтүү интеграциялана бербейт. Ошентсе да, эл аралык өз ара иш алып барууга көрүлгөн аракеттер, экологиялык коопсуздукка багытталган макулдашууларга жана уюмдарга катышуу Кыргызстан экологиялык чакырыктардын глобалдуу жана транс чек аралык мүнөзүн таанып, эл аралык өнөктөштүк потенциалына таянуу менен аларды чечүүгө комплекстүү мамиле түзүүгө аракет кылып жатканын көрсөтүп жатат.

**«Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун методологиялык аспектилери»** деген аталыштагы экинчи глава эки бөлүмдөн турат. *Экинчи главанын **«Экологиялык коопсуздукту изилдөөнүн философиялык-методологиялык жана укуктук аспектилери»*** деген *биринчи бөлүмүндө* ар кандай илимий методдорду жана принциптерди айкалыштырган комплекстүү мамиле камтылат. Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык базасын

иштеп чыгуу жеке илимий методдорду жана принциптер сыяктуу эле, комплекстүү мамиленин методологиясын да колдонууга мүмкүндүк берди.

Философиялык-методологиялык көз караштан алганда, экология эчак эле интегралдык дүйнөлүк илимий-философиялык дискурстун ажырагыс бөлүгү болуп калды. Тээ XX кылымдын орто чениндe көрүнүктүү окумуштуу В.И. Вернадский биосферанын түзүлүшүн жана иштешин өзгөртүүгө жөндөмдүү кубаттуу геологиялык фактор катары адамдын негизги ролун көрсөткөн. Бул фактыны түшүнүү илимдин алдына адамдын айлана-чөйрө менен өз ара аракетинин теориялык жана практикалык негиздерин иштеп чыгуу милдетин койду, мында басым табигый тең салмактуулукту сактоонун зарылдыгына бурулат. *[Вернадский, В.И. Биосфера. Избранные сочинения [Текст]: В 5 т. Т. 5[Жооптуу. ред. акад. А.П. Виноградов]; СССР Илимдер академиясы. – М: Акад. наук СССР басм-сы, 1954-1960. – 525 с.]*. Мунун негизинде экологиялык коопсуздуктун заманбап концепциялары техникалык, социалдык, экономикалык жана маданий аспектилерди бирдиктүү стратегияга бириктирген дисциплиналар аралык мамилеге негизделген. Бул аймактар табигый жана антропогендик факторлордон келип чыккан кризистерди алдын алуу менен тыгыз байланышта иштеши керек.

Мындан тышкары, экологиялык коопсуздук коом менен жаратылыштын өз ара аракетинин жаңы парадигмасына өтүүсүн болжолдогон туруктуу өнүгүү концепциясы менен тыгыз айкалышат *[Экологическая безопасность в контексте устойчивого развития Кыргызстана [Текст] / Э.Дж. Шукуров, В.А. Коротенко, А.В. Кириленко ж.б.; Жооптуу. ред. В.А. Коротенко. – Бишкек: ЭД «БИОМ», 2015. – 85 б.]*. Бул концепция келечек муундардын мүмкүнчүлүктөрүн бузбастан азыркы муундардын керектөөлөрүн канааттандыруу зарылдыгын белгилейт, бул жаратылыш ресурстарын пайдаланууга болгон мамилени өзгөртүүнү, ошондой эле өндүрүштүн жана керектөөнүн кыйла натыйжалуу моделдерин киргизүүнү талап кылат.

Техногендик коркунучтардын, климаттын өзгөрүшүнүн, айлана-чөйрөнүн булганышынын, биологиялык ар түрдүүлүктү жоготуунун жана антропогендик таасирдин башка кесепеттеринин натыйжасында экологиялык коркунучтун жаңы формалары пайда болот. Бул коркунучтар адам менен жаратылыштын өз ара аракеттенүүсү татаалдашып бараткан технологиялык революциянын жана ааламдашуунун тездетилген шартында өзгөчө актуалдуу болуп баратат. Ушундан улам, бул көйгөйдү чечүүнүн негизинде гуманисттик багыттагы мамилелер болууга тийиш. Тескерисинче, алар адамдын жыргалчылыгы, бакубат жашоосу жана туруктуу өнүгүүсү эң жогорку баалуулук болуп саналган адамга багытталган мамилени баса белгилешет. Ушуга байланыштуу жаратылыш ресурстарын башкарууда мамлекеттин ролу экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу контекстинде борбордук орунду ээлейт. Натыйжалуу башкаруу ресурстарды коргоо механизмдерин иштеп чыгууну жана ишке ашырууну, экологиялык тең салмакты сактоону жана мамлекеттин эгемендүүлүгүндөгү аймактардын деградациясына жол бербөөнү камтыйт. Мамлекеттер ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга көмөктөшүүчү укуктук жана уюштуруу механизмдерин иштеп чыгууну жана ишке ашырууну камсыз кылууга тийиш жана ошол эле учурда экосистемаларды мүмкүн болуучу зыяндардан коргошу зарыл.

Ошентип, методология экологиялык-укуктук илимдин теориялык негиздерин изилдөөнүн жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган укуктук ченемдерди практикалык ишке ашыруунун негизги куралдарынын бири болуп калат. Философиялык, жалпы теориялык жана юридикалык өңдүү түрдүү феномендерди колдонуу укуктук кубулуштарды деталдуу изилдөөгө, алардын өнүгүү тенденцияларын аныктоого жана өркүндөтүү стратегиясын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Комплекстүү методологиялык мамиле юридикалык билимдер жана экологиялык укук чөйрөсүндөгү жана айкалышкан дисциплиналардагы түшүнүктөрдү чечмелөө жаңы шарттарда кайра ой жүгүртүүнү талап кылаарын далилдейт.

*Экинчи главанын* ***«Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча изилдөө методдору»*** деген *экинчи бөлүмүндө* диссертациялык изилдөөнүн методологиялык

негиздери келтирилген. Бул бөлүмдө жеке илимий методдор да, комплекстүү мамиленин методологиясы да каралат. Методдор бир нече топко бөлүнгөн: диалектикалык таанып билүү методу, системалык мамиле, функционалдык метод, салыштырма-укуктук метод жана институционалдык мамиле. Экологиялык саясатты жана укукту өнүктүрүү жана оптимизациялоо процесстерин изилдөөгө багытталган изилдөөлөр юридикалык илимге мүнөздүү таанып билүү методдорун колдонууну талап кылат. Мындай мамиле укук чөйрөсүнө кирген кубулуштарды тереңирээк изилдөөгө мүмкүндүк берет жана укуктук доктринаны өнүктүрүү үчүн жаңы горизонтторду ачып, экологиялык мыйзамдарды илимий негизделген принциптер жана инновациялык ыкмалар менен байытууга салым кошуп, аны актуалдуу жана заманбап чакырыктарга жооп бере турган ыкмалардан кылат.
Юридикалык метод (же юридикалык илимдин методу) – чындыкты укук призмасы, анын маанилүү мүнөздөмөлөрү жана касиеттери аркылуу изилдөөгө мүмкүндүк берүүчү таанып билүүнүн спецификалык ыкмасы. В.С. Нерсесянц белгилегендей, бул метод «калыптануу, өзгөртүү, тереңдетүү жана өнүктүрүү процессиндеги кыймылдагы юридикалык билим (юридикалык теория)». *[Нерсесянц, В.С. Общая теория права и государства [Текст]: окуу куралы/ Россия илимдер академиясынын Мамлекет жана укук инс-ту, Академиялык укуктук ин-т. – М.: Норма: ИНФРА-М, 2017. – С.10].* Юридикалык метод жаңы билимдерди алуу куралы гана болбостон, укуктук илимдин ар кандай аспектилерин интеграциялаган бирдиктүү теориялык системаны түзүүгө көмөктөшөт, ал төмөндөгүлөрдөн турат:

Экологиялык укукту изилдөөдө жеке юридикалык методдор өзгөчө орунду ээлейт, алар укуктук теорияларды иштеп чыгууда, илимий корутундуларды негиздөөдө жана мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда маанилүү роль ойнойт: 1) ченемдик метод экологиялык коопсуздукту жөнгө салуучу укуктук ченемдердин мазмунун жана түзүмүн изилдейт жана мыйзамдарды системалаштырууну, боштуктарды жана карама-каршылыктарды аныктоону камсыз кылат; 2) салыштырма-укуктук метод ар кандай мамлекеттердин же эл аралык-укуктук системалардын экологиялык укуктарынын ченемдерин салыштырат; 3) интерпретациялоочу методу укуктук ченемдерди аларды туура колдонуу максатында чечмелөөгө багытталган; 4) формалдуу-юридикалык методунда укуктук кубулуштар алардын формалдуу түзүлүшү жана логикасынын көз карашынан каралат.

Ошол эле учурда экологиялык-укуктук процесстердин ар кандай аспектилеринин ортосундагы өз ара байланыштарды терең түшүнүү үчүн дисциплиналар аралык жана системалуу мамилелерди колдонуу зарыл. Дисциплиналар аралык мамиле түрдүү тармактардагы билимдерди интеграциялоого мүмкүндүк берет, атап айтканда биология жана физика табигый процесстер жана алардын айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин түшүнүүнү камсыз кылат; экономика жаратылышты пайдалануунун чыгымдарын жана пайдаларын, ошондой эле экологиялык саясаттын натыйжалуулугун анализдейт; социалдык илимдер экология чөйрөсүндөгү адамдын жана коомдун жүрүм-турумун изилдейт; укук бул компоненттердин ортосундагы өз ара аракеттешүүнү жөнгө салуу механизмдерин иштеп чыгат. Алардын ичинде: метафизикалык метод экологиялык укуктун туруктуу өнүгүү жана айлана-чөйрөнү коргоо сыяктуу өзгөрүлбөс негиздерин жана принциптерин изилдөөгө багытталган, бул укук системасынын туруктуулугун камсыз кылуучу негизги укуктук түшүнүктөрдү иштеп чыгууну шарттайт; жалпы кабыл алынган философиялык методдор укуктук кубулуштардын табиятын, алардын коомдук мамилелер системасындагы ордун жана ролун тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет; экологиялык-укуктук билимдерге грамматикалык мамиле ченемдик укуктук актылардын жана укуктук документтердин тилдик формасын талдоого негизделген; структуралык мамиле курчап турган чөйрөнү коргоо менен алектенген мамлекеттик органдардын системасын уюштурууну анализдөө мүмкүнчүлүгүн берет; функционалдык мамиле түзүмдүк мамилени толуктайт, бул чөйрөдө мамлекеттик башкаруу органдарынын максаттарын жана милдеттерин аныктоого мүмкүндүк берет. Бул мамилелерди биргелешип колдонуу мамлекеттик жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жана экологиялык коопсуздуктун укуктук камсыз кылууну өркүндөтүү үчүн

шарттарды түзөт. Болжолдоо методу укуктук ченемдерди жана саясий стратегияларды иштеп чыгуучуларга келечекте боло турчу өзгөрүүлөр жана чакырыктарды эске алууну шарттайт, бул алардын чечимдерин кыйла так болуп динамикалык шарттарга ыңгайлашуусуна мүмкүндүк берет; моделдөө методу мамлекеттин экологиялык функциясынын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналган экологиялык коопсуздуктун укуктук негиздерин ишке ашыруу менен байланышкан келечектеги мамилелердин оптималдуу варианттарын издөөдө негизги орунду ээлейт; институционалдык мамиле экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жооптуу болгон институттарды уюштуруудагы маанилүү багыт болуп саналат.

Ушундай түрдө, колдонулуучу методдордун жыйындысы системалык анализди, тобокелдикти баалоону жана айлана-чөйрөгө антропогендик факторлордун терс таасиринин кесепеттерин болжолдоону камтыган методологиялык мамилелерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Философиялык-методологиялык жана укуктук методдордун айкалышы айлана-чөйрөнү коргоонун этикалык жактан негизделген жана юридикалык жактан бекитилген механизмдерин калыптандырууга өбөлгө түзөт.

**“Эл аралык укуктагы глобалдык экологиялык коопсуздукка негизги коркунучтар” деген үчүнчү глава** төрт бөлүмдөн турат.

*Үчүнчү главанын* ***“Экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү негизги эл аралык-укуктук актыларды анализдөө”*** аталышындагы *биринчи бөлүмүндө* коопсуздукту эл аралык-укуктук жөнгө салууга экологиялык өлчөмдү кошуунун укуктук аспектилери каралат. Бөлүмдө эл аралык коомдук укуктун бир тармагы катары эл аралык коопсуздук укугу каралат, анда экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга байланышкан келишимдерде жана макулдашууларда экологиялык маселелерди чагылдырууга өзгөчө көңүл бурулат. Климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттери барган сайын ачык-айкын болуп жаткан заманбап дүйнөдө эл аралык укук олуттуу трансформацияга дуушар болуп жатканына көңүл бурулат. Эл аралык коомчулук экология, деңиз, аба жана адам укуктары жаатындагы жаңы нормаларды иштеп чыгууда жана климаттын өзгөрүшүн эске алуу үчүн колдонуудагы укуктук нормаларды кайра карап чыгууда жана кеңейтүүдө. Ушуга байланыштуу, эл аралык стандарттарды иштеп чыгуу, тажрыйба жана технологиялар менен алмашуу, глобалдык чакырыктарды биргелешип чечүү жана экология жаатындагы өлкөлөрдүн аракеттерин координациялоо максаттарын көздөгөн айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтыктын маанилүүлүгү баса белгиленет.

Автор экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча БУУнун жана аймактык эл аралык уюмдардын фундаменталдык документтерин талдайт; көп тараптуу келишимдер, эл аралык уюмдардын жана программалардын ишмердүүлүгү, эл аралык илимий изилдөөлөр сыяктуу эл аралык кызматташтыктын формаларын сүрөттөйт. Изилдөө экологиялык чакырыктарды жеңүүдө жана айлана-чөйрөгө зыян келтирбеген алдыңкы технологияларды түзүүдө бул форматтардын маанилүүлүгүн белгилейт. Ошондой эле көйгөйлөр аныкталды, аларды чечүү жаңылануунну жана эл аралык экологиялык кызматташтыктын жаңы инструменттерин иштеп чыгууну талап кылат. Мында азыркы геосаясий кырдаалдын чакырыктарына карабастан экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жана белгиленген нормаларды жана стандарттарды сактоо үчүн негиз катары эл аралык укуктун маанилүүлүгү баса белгиленет.

*Үчүнчү главанын* ***“Эл аралык экологиялык коопсуздукка коркунучтардын негизги булактары”*** *деген экинчи бөлүмүндө* негизги глобалдык экологиялык коркунучтар жана дүйнөдөгү экологиялык кырдаалдын начарлашынын актуалдуу көйгөйү жана анын коомдун жана адамдардын коопсуздугуна тийгизген таасири каралат. Иште экологиялык коркунучтардын ар кандай булактары анализге алынат: айлана-чөйрөнүн булганышы, жаратылыш ресурстарынын азайышы, транс чек аралык булгануулар, аскердик чыр-чатактар жана массалык кыргын салуучу куралдын колдонулушу. Абанын, суунун жана кыртыштын булганышынын адамдардын ден соолугуна жана экосистемасына тийгизген кесепеттерине өзгөчө көңүл бурулат. Айлана-чөйрөнүн булганышы менен жугуштуу оорулардын таралышынын ортосундагы байланыш, ошондой эле химиялык жана ядролук куралды

колдонуунун узак мөөнөттүү экологиялык кесепеттери талкууланат; ядролук куралдын жаралышынын тарыхы, анын курчап турган чөйрөгө жана адамдар үчүн кыйратуучу кесепеттери, ошондой эле контролдоо жана таркатпоо маселелери каралат. Автор ядролук курал экологиялык коркунучтун негизги булактарынын бири экенин баса белгилеп, аны колдонууга бөгөт коюу зарылдыгына көңүл бурат. Бөлүмдө «кан төгүүсүз согуш» («холодная война») мезгилиндеги ядролук куралдын арсеналынын көбөйүшүнө көңүл бурулат, ошондой эле ар кандай тарыхый мезгилдерде ар кайсы мамлекеттердин карамагында болгон ядролук түзүлүштөрдүн саны тууралуу маалымат берилет. Ошондой эле бир катар мамлекеттердин ядролук куралды иштеп чыгуу тарыхы жана аларды жайылтпоо боюнча келишимдерге кошулуу тарыхы баяндалган. Өзгөчө көңүл Ядролук сыноолорго толук тыюу салуу келишимине, анын тарыхына, бузууларга жана Ядролук сыноолорго толук тыюу салуу келишими боюнча уюм түзүүгө; бул уюмдун максаттары, мониторинг системасы жана ядролук жарылууларды аныктоо үчүн колдонулган технологиялар талданат. Изилденип жаткан эл аралык актыларда эл аралык коопсуздуктун экологиялык курамынын мааниси массалык жок кылуучу куралды колдонуу же уруксатсыз жайылтуу, ошондой эле аларды жок кылуу боюнча стандарттарды сактабоо айлана-чөйрөгө глобалдык, транс чек аралык зыян келтириши, адамдардын ден соолугуна жана өмүрүнө коркунуч келтириши жана туруктуу өнүгүүнүн негиздерине доо кетириши мүмкүн экендиги менен түшүндүрүлөт.

Ядролук жана химиялык куралсыздандыруу боюнча эл аралык практика дүйнөлүк коомчулуктун бардык катышуучулары тарабынан биргелешкен күч-аракеттерди жана координацияны талап кылган татаал жана көп кырдуу процесс деген тыянак чыгарылды. Азыркы эл аралык коопсуздук укугунда экологиялык аспектти куралдарды контролдоо жана куралсыздандыруу жөнүндө келишимдерге интеграциялоо тенденциясы ачык байкалууда, бул экологиялык коопсуздукту эл аралык-укуктук коргоонун толук кандуу механизмин түзүүнүн ажырагыс шарты болуп кызмат аткарат. Орун алган көйгөйлөргө карабай, узак мөөнөттүү келечекте бул тармакта прогресске жетишүүгө болот деп айтууга толук негиз бар. Ушундай түрдө, бул бөлүмдө экологиялык коопсуздук улуттук жана эл аралык саясаттын элементи гана эмес, ошондой эле XXI кылымдын глобалдык стратегиялык күн тартибинин маанилүү бөлүгү экенин түшүнүү үчүн методологиялык жана укуктук негиздери берилген.

*Үчүнчү бөлүмдүн* “***Биологиялык куралдын экологиялык коопсуздукка тийгизген таасири***” деген *үчүнчү бөлүмүндө* биологиялык агенттердин табияты, алардын тарыхый өнүгүүсү жана улуттук жана глобалдык коопсуздукка коркунучтарды жаратуудагы актуалдуу ролу комплекстүү каралат. Негизги идея жөнөкөй микроскоптордун жардамы менен ачылган биринчи ачылыштардан баштап заманбап гендик инженерия технологиясына чейинки микроорганизмдердин пайда болушу жана эволюциясы - медицинада жана тамак-аш өнөр жайында, ошондой эле массалык кыргын салуучу куралды иштеп чыгуу үчүн дагы өбөлгөлөрдү түздү. Дал ушул жерде микроорганизмдердин кош табияты аныкталат: алар изилдөө жана өндүрүштүк-биотехнологиялык максаттар үчүн адамзаттын союздашы боло алат, бирок өздөрүнүн касиеттеринен улам алар террористтик топтордун же жоопкерчиликсиз мамлекеттик түзүлүштөрдүн колуна өтсө, кыйратуучу технологияларга негиз болуп калууга жөндөмдүү.

Бүтүндөй популяцияны патогендик козгоочулар менен жугузуу көйгөйүн изилдеп жатып, автор биологиялык курал аскердик тарыхынан бир нече жолу колдонулгандыгына карабай (душман аскерлеринин арасында илдеттерди жайылтууга болгон алгачкы аракеттерден тартып дүйнөлүк согуш учурундагы изилдөөлөргө чейин), акыры эл аралык укук боюнча тыюу салынгандыгын баса белгилеген. Женева протоколу, андан кийин Бактериологиялык (биологиялык) жана токсиндик куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана сактоого тыюу салуу жөнүндө конвенция (BTWC) куралдануунун бул түрүнө жол берилбестигин юридикалык жактан белгилеген. Бирок бир катар өлкөлөрдө улуттук пландар дагы эле аскердик мүнөзгө ээ боло турган патогендер чөйрөсүндөгү стратегиялык изилдөөлөрдү камтыйт.

Азыркы мисалдар (2001-жылдагы АКШдагы сибирь жарасы боюнча талашка шилтеме сыяктуу) мамлекеттер аралык чыр-чатактардын коркунучун гана көрсөтпөстөн, биологиялык тыңчыларды колдонуу менен террористтик акттардын өсүп жаткан ыктымалдыгын дагы көрсөтөт. Биотерроризмдин мындай формалары, өзгөчө ачык маалыматтык ресурстардын доорунда микробиологиялык билимдердин жана "гараждык биологиянын" болушун эске алганда, патогендик микроорганизмдерди уруксатсыз колдонууга негиз түзөт. Микроорганизмдерди генетикалык редакциялоо жана коюлган өзгөчөлүктүү штаммдарды жакшыртуу тенденциясы (антибиотиктерге карата туруктуулук же жогорулатылган вируленттүүлүк болсо дагы) бул тобокелдиктерди болгону тереңдетет. Натыйжада, биокоопсуздук мамлекеттик саясаттын негизги элементине айланып, улуттук жана глобалдык кызыкчылыктардын кесилишинде курулуп, укуктук жөнгө салууну өркүндөтүүдөн санитардык-эпидемиологиялык коргоо системасын чыңдоого чейинки чаралардын комплексин билдирет.

Экинчи жагынан, кээ бир учурларда өзгөчө кырдаалдардын масштабына жеткен вирустук жана бактериялык эпидемиялардын (коронавирус, Эбола ысытмасы, куш тумоосу) чыгышы көйгөйдүн дисциплиналар аралык мүнөзүн тастыктайт. Бул саламаттыкты сактоо тармагына гана эмес, мамлекеттик коопсуздук, экономикалык туруктуулук, укуктук контролдоо механизмдерин өнүктүрүү маселелерине дагы таасирин тийгизет. Иште биологиялык коркунучтарга стратегиялык каршы аракеттенүү эл аралык кызматташтыкка, Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарын жана көзөмөлдөөчү институттарды системалуу модернизациялоого, ошондой эле биологиялык коопсуздук маданиятын жана илимий коомчулуктун жоопкерчилигин өнүктүрүүгө негизделиши керектиги ырааттуу көрсөтүлөт. Акырында илимдин, укуктун жана мамлекеттин эркинин өз ара аракети патогендерди мыйзамсыз колдонууга каршы натыйжалуу тоскоолдукту түзө алууга жана мамлекеттердин инфекциялардын жана биологиялык терроризмдин күтүлбөгөн очокторуна алсыздыгын азайтууну түзүү жөндөмдүүлүгү.

*Үчүнчү главанын* ***"Таза сууга бирдей жетүү укугун эл аралык укуктук жөнгө салуу"*** *деген төртүнчү бөлүмүндө* адамдын ичүүчү таза сууга жетүү укугун ишке ашырууну камсыз кылган эл аралык-укуктук механизмдердин калыптанышы жана өнүгүшү каралат. Автор акыркы он жылдыкта суунун негизги жашоо муктаждыктарын канааттандыруу, жеке жана тиричилик гигиенасы, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун жана калктын саламаттыгын камсыз кылуу үчүн зарыл ресурс катары өтө маанилүү экенин баса белгилеген.

Бөлүмдө сууга болгон укукту бекемдеген жана өнүктүрүүчү негизги эл аралык-укуктук актылар, резолюциялар жана макулдашуулар анализге алынат, алардын арасында БУУнун документтери, Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун чечимдери, ошондой эле адам укуктары боюнча регионалдык жана универсалдуу келишимдер өзгөчө орунду ээлейт. Автор алгач түзүлгөн эл аралык келишимдерде "сууга болгон укук" жөнүндө ачык жазылбагандыгын, бирок аны жашоого болгон укуктан, жетиштүү жашоо деңгээлине болгон укуктан, саламаттыкка болгон укуктан жана жагымдуу айлана-чөйрөгө болгон укуктан аналогия боюнча алынганын белгилейт. Бул укукту таанууга БУУнун Экономикалык, социалдык жана маданий укуктар боюнча комитетинин Жалпы тартиптеги №15 эскертүүсү (2002) олуттуу түрткү болгон, анда сууга болгон укук ар бир адамдын коопсуз, жеткиликтүү сыяктуу табигый укугу болгондой эле, сууну жетиштүү өлчөмдө экономикалык жактан жеткиликтүү болуу укугуна толугу менен кеңири түшүндүрмө берилген. БУУнун Башкы Ассамблеясы таза сууга жана санитарияга болгон укукту адамдын ажырагыс укугу катары бекиткен A/RES/64/292 (2010) резолюциясын кабыл алышы эл аралык практиканы өнүктүрүүдөгү маанилүү кадам болгон.

Суу укугу адам укуктарынын призмасы аркылуу гана эмес, транс чек аралык суу ресурстарын эл аралык-укуктук жөнгө салуу жана экологиялык келишимдерди колдонуу контекстинде да каралаары белгиленген. Кийинки эл аралык документтерде: Эл аралык суу агымдарын колдонуунун түрлөрүнүн укуктары жөнүндө БУУнун конвенциясы (1997-ж.) жана Хельсинки конвенциясына карата суу жана саламаттык көйгөйлөрү боюнча протокол

(1999-ж.), ошондой эле Эл аралык укук боюнча ассоциациянын Берлин эрежелеринде (2004-ж.) ичүүчү сууну сарамжалдуу пайдалануу, анын булганышын алдын алуу жана ага бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу канчалык маанилүү экендиги баса белгиленет.

Бөлүмдө сууга болгон укукту ишке ашырууга тоскоол болгон факторлор, анын ичинде инфраструктуранын жоктугу, суу ресурстарын натыйжасыз башкаруу, жакырчылык, калктын санынын өсүшү, климаттын өзгөрүшү, ошондой эле урбанизация жана курчап турган чөйрөнүн булгануусу каралат. Автор сууга болгон укуктун эл аралык-укуктук жактан таанылышы туруктуу өнүгүү принциптери, сактык, “булгаган тарап төлөйт”, мамлекеттер ортосундагы кызматташтык, транс чек аралык суу агымдарын адилеттүү жана акыл ченемдүү пайдалануу, ошондой эле транс чек аралык зыяндын алдын алуу чаралары менен тыгыз байланышта экенин баса белгилеген. Негизги идея – суу чексиз же бекер ресурс эмес, аны коргоо жана адилет бөлүштүрүү эл аралык коомчулуктун жалпы милдети болгон маанилүү байлык болгондугунда. Таза суусуз адамдын башка укуктарын толук жүзөгө ашыруу, ошондой эле Туруктуу өнүгүү максаттарына, анын ичинде таза сууга жана санитария боюнча кызматтарга жалпы жеткиликтүүлүккө жетишүү мүмкүн эмес.

Бул бөлүмдө адам укуктары боюнча укуктарда жана экологиялык макулдашууларда андагы гуманитардык стандарттын ажырагыс бөлүгү катары ачык-айкын бекемделишине жана таанылышына өбөлгөлөрдөн сууга болгон укугунун эволюциясы көрсөтүлөт. Эл аралык-укуктук базага анализ жасалып, иштеп жаткан механизмдердин жетишкендиктери жана кемчиликтери каралат; таза сууга жетүүсү кыйынчылык жараткан көйгөйлүү региондордун мисалдары келтирилген. Ушул жерден укук колдонуу практикасын өркүндөтүү, ошондой эле эл аралык кызматташтыкты күчөтүү жана мамлекеттер, эл аралык уюмдар, донорлор жана жарандык коом ортосундагы адамдын ичүүчү таза сууга бирдей жетүү укугун ишке ашыруу үчүн кызматташууну кеңейтүү зарылчылыгына өзгөчө көңүл бурулууда.

**«Кыргыз Республикасындагы экологиялык саясаттын укуктук механизмдери жана каражаттары» деген төртүнчү глава** үч бөлүмдөн турат.

*Төртүнчү главанын* ***“Кыргыз Республикасындагы айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик башкаруу жана мамлекеттик контролдоо”*** деген *биринчи бөлүмүндө* жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга теориялык-укуктук жана уюштуруучулук ыкмалар, ошондой эле жаратылыш ресурстарын башкаруудагы экономикалык инструменттердин ролу жана мааниси анализге алынат. Автор экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу айлана-чөйрөнү коргоо жаатында мамлекеттин, бизнестин жана коомдун кызыкчылыктарын шайкеш келтирүүгө багытталган экономикалык жана укуктук механизмдерди колдонуу менен ажырагыс байланышта экенин баса белгилеген.

Бөлүмдө айлана-чөйрөнү коргоо мамлекеттик саясаттын негиздеринин бири экендиги белгиленет. Мамлекеттер мыйзамдык базаны түзүүнү гана эмес, экономикалык стимул берүүчү инструменттерди киргизүүнү, “булгоочу тарап төлөйт” принцибин колдонууну, экологиялык чыгымдарды интернализациялоону жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүнү караган комплекстүү ыкманы барган сайын көбүрөөк колдонушууда. Эл аралык экологиялык укуктун негизги принциптерин кароого өзгөчө көңүл бурулууда: сактык принциби; туруктуу өнүгүү принциптери; эл аралык деңгээлде универсалдуу катары таанылган “булгаган тарап төлөйт” принциби. Заманбап экономикалык ишмердүүлүк, өзгөчө чарба жүргүзүүнүн рыноктук формаларына өтүү шартында жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн олуттуу кыйынчылыктарды жаратканы баса белгиленет. Экономикалык-укуктук жөнгө салуунун инструменттеринин теориялык жана укуктук жактан жетишсиз иштелип чыгышы, жаратылышты сарамжалдуу пайдаланууга түрткү берүүнүн натыйжалуу системасынын жоктугу, ошондой эле начар контролдоо агроэкосистеманын деградациясына, суу объектилеринин булганышына, жердин түшүм берүүчүлүгү төмөндөп кетишине жана кыртыштын пайдалуу заттарынын азаюусуна алып келет.

Айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик контроль экономикалык стимул берүүчүлөр, укуктук ченемдер жана коомчулуктун кеңири катышуусу менен айкалыштырылышы зарылдыгын автор баса белгилейт. Кыргызстандагы экологиялык мониторинг акырындык менен өнүгүп жаткандыгы: абанын сапатын көзөмөлдөөчү автоматташтырылган посттор түзүлүп (анын ичинде Бишкек жана башка шаарлардагы ыш сыяктуу көйгөйлөргө көз салуу үчүн), жаратылыш ресурстары статистикалык эсепке алынып, кадастрдык изилдөөлөр жүргүзүлүп жаткандыгы айтылат. Бирок маалыматтарды чогултуу жана анализдөө менен алектенген ведомстволордун көптүгүнөн улам, ошондой эле маалыматты чогултуунун жана иштеп чыгуунун координацияланган, унификацияланган методиканын жоктугу экологиялык кырдаалдын толук картинасын түзүүнү кыйындатат. Экологиялык мониторингдин бирдиктүү стандарттарын кабыл алуу, материалдык-техникалык базаны жакшыртуу, заманбап санариптик технологияларды колдонуу, ошондой эле эл аралык кызматташуу жана башка мамлекеттер менен тажрыйба алмашуу зарыл.

Стимул берүүчү жана бөгөт коюучу чараларды талкуулоонун алкагында экологиялык салыктар, айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн төлөмдөр жана инновациялык экологиялык технологияларды киргизүү сыяктуу экономикалык инструменттердин маанилүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулат. Мындан тышкары, транс чек аралык экологиялык проблемаларды натыйжалуу чечүү үчүн аракеттерди эл аралык координациялоонун маанилүүлүгү баса белгиленет.

Бөлүмдө экологиялык кылмыштуулуктун көбөйүшү боюнча маселе көтөрүлөт жана аны чечүү боюнча мүмкүн болуучу чаралардын бири – экологиялык милицияны (полиция) түзүү сунушталат. Автор мындай түзүмдүн зарылдыгын экологиялык кылмыштуулук актуалдуу болгондугу менен негиздейт жана аны уюштуруунун эки моделин сунуш кылат: 1) ички иштер органдарынын иштеп жаткан системасында атайын бөлүм катары; 2) өз алдынча түзүм катары. Экологиялык милициянын функцияларын кеңейтүү, ага төмөнкү ыйгарым укуктарды берүү сунушталууда: укук бузууларды алдын алуу, кылмыштарды иликтөө жана иштерди сотко өткөрүү, экологиялык нормалардын сакталышын контролдоо жана башка органдар менен өз ара аракеттенүү. Ошол эле учурда, экологиялык милицияны түзүү идеясын ишке ашыруу үчүн тиешелүү мыйзамдык базаны иштеп чыгуу, квалификациялуу кадрларды даярдоо жана жаңы түзүмдүн органдарын керектүү жабдуулар менен камсыздоо зарыл экендиги өзгөчө белгиленет.

Ушундай түрдө, төртүнчү главанын биринчи бөлүмүндө экологиялык коопсуздук экономикалык, укуктук жана административдик механизмдердин тең салмактуу өз ара аракеттенүүсүнүн негизинде түзүлөрү көрсөтүлөт. Экономикалык түрткү берүүлөр жана жоопкерчилик чаралары менен колдоого алынган мамлекеттик контроль жаратылышты пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга жана туруктуу өнүгүү үчүн өбөлгөлөрдү түзө алууга жөндөмдүү. Эл аралык-укуктук принциптер жана жөнгө салуу практикасы, анын ичинде аракеттерди эл аралык координациялоо айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарынын потенциалын сарамжалдуу пайдалануу боюнча улуттук күч-аракеттердин натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

*Төртүнчү главанын* ***“Кыргыз Республикасында айлана-чөйрөнү коргоону жана экологиялык коопсуздукту жөнгө салуунун укуктук механизмдери”*** *деген экинчи бөлүмүндө* экологиялык маалыматтын жеткиликтүүлүгүн укуктук жөнгө салуунун негизги аспектилери, экология жаатында агартуунун жана экологиялык жүрүм-турум маданиятын калыптандыруунун ролу, ошондой эле экологиялык мониторинг системасын өркүндөтүү каралат. Кыргызстандын экологиялык коопсуздук жаатындагы заманбап укуктук саясаты эл аралык келишимдерди жана милдеттенмелерди эске алуу менен өлкөнүн реалдуу ресурстарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө негизделгени баса белгиленет. Мамлекеттин укуктук стратегиясы эл аралык нормаларга жана стандарттарга, ошондой эле жогорку юридикалык күчкө жана түздөн-түз таасирин тийгизген Конституцияга негизделет. Кыргызстандын БУУнун Климаттын өзгөрүшү жөнүндө алкактык конвенциясы боюнча Париж макулдашуусуна кошулуусуна жана мыйзамдарды жаңылоо аркылуу ишке ашырууга

өзгөчө көңүл бурулууда. Өлкөнүн Вена жана Монреаль протоколдоруна катышуусу, тиешелүү мыйзамдарды жана токтомдорду иштеп чыгуу маселеси талкууланууда. Кыргызстандын эл аралык демилгелерге, анын ичинде XXI кылым боюнча күн тартипке, Миң жылдыкты өнүктүрүү максаттарына жана Йоханнесбург декларациясына активдүү катышуусу белгиленет. Иштелип чыккан комплекстүү иш-аракеттер планы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүгө жана өкмөттөрдүн, донорлордун жана жаңы өнөктөштөрдүн аракеттерин бириктирүүгө багытталган.

Диссертацияда Кыргызстандагы айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү кырдаал; бул процесске ар кандай түзүмдөрдүн, анын ичинде мамлекеттик органдардын, эл аралык уюмдардын жана өкмөттүк эмес бирикмелердин катышуусу баса белгиленет; Кыргызстандын ЕККУ, БУУ, ЭКОСОС, ЮНЕП, ЮНЕСКО, МАГАТЭ жана ДСУ менен транс чек аралык суу ресурстарын башкаруу жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу маселелери боюнча кызматташтыгы айтылат. Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин өлкөнүн экологиялык коопсуздугун камсыз кылуудагы негизги орган катары ишмердүүлүгү дагы берилген: Кыргызстандын жаратылышты коргоо мыйзамдарын реформалоо боюнча ишмердүүлүгүндөгү жигердүүлүгү жана экономикалык кризис шартында сейрек кездешүүчү түрлөрдүн жашоо аймактарын жана чөйрөсүн коргоо боюнча жаңы мамилелерди иштеп чыгуу зарылчылыгы белгиленген.

Бөлүмдүн жыйынтыктоочу бөлүгүндө биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо жаатында колдонуудагы мыйзамдардын жана аларды колдонуунун механизмдеринин натыйжалуулугу жөнүндө маселе көтөрүлөт. Автор мыйзамдар так сакталган учурда дагы экосистеманын сакталышын дайыма эле камсыз кылуу мүмкүн эмес экенин, анткени программалык документтерде жаратылышты коргоонун бардык аспектилери дайыма эле эске алына бербестигин белгилейт. Ушуга байланыштуу азыркы замандын актуалдуу чакырыктарын жана бүткүл коомдун керектөөлөрүн эске алуу менен курчап турган чөйрөнү коргоо системасын реформалоо максатка ылайыктуу көрүнөт.

*Төртүнчү главанын* ***«Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик концепциянын негизги багыттары жана экологиялык коопсуздуктун перспективалары»*** деген үчүнчү бөлүмүндө экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга жана өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө багытталган практикалык чаралардын киргизилишине байланыштуу көйгөйлөр каралат. Автор азыркы шарттарда бир эле учурда жагымдуу чөйрөнү сактоо менен чарба жүргүзүүчү субъекттердин натыйжалуу иштешин камсыз кылуучу экономикалык жана укуктук инструменттерди издөө башкы милдет экендигин баса белгилейт. Экономикалык кызыкчылыктар менен экологиялык артыкчылыктардын ортосундагы тең салмактуулукту жолго коюу улуттук саясаттын стратегиялык максатына айланууда.

Натыйжалуу жана жыйынтык берүүчү экологиялык саясат экономикалык механизмдердин баарын колдонууну: жаратылышты коргоо чараларын ишке ашыруу үчүн финансылык стимул берүүлөрдү, айлана-чөйрөгө терс таасири үчүн жыйымдарды белгилөөнү, экологиялык жактан таза технологияларга өтүүдө салыктык жана башка жеңилдиктерди берүүнү, экологиялык камсыздандыруу системасын өнүктүрүүнү жана айлана-чөйрөгө келтирилген зыяндын ордун толтурууну камтый тургандыгы көрсөтүлөт. Ошол эле учурда экономикалык инструменттердин натыйжалуу иштеши көп жагынан комплекстүү жана системалуу ченемдик-укуктук жөнгө салуудан көз каранды.

Диссертацияда экологиялык маселелерге жетишээрлик көңүл бурбоо жана жаратылышты натыйжасыз пайдалануу көйгөйү көтөрүлөт, бул экологиялык кырдаалдын начарлап кетишине, экономикалык чыгымдарга алып келип, адамдардын жашоо сапатына коркунуч жаратып, калктын саламаттыгына жана өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн төмөндөтүүгө алып келе тургандыгы берилет. Жаратылышты коргоо боюнча иш-чаралардын жетишээрлик деңгээлде каржыланбай жатышы, ага байланыштуу абанын булганышы, жер кыртышынын бузулушу жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактап калуу маселелери талкууланууда. Чечимдерди кабыл алууда жана туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүгө

багыт алууда экологиялык аспектилерди эске алуу зарылчылыгы баса белгиленет. Автор экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу, адамдардын ден соолугун сактоо жана өлкөнүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнүн маанилүүлүгүнө көңүл бурат. Бирдиктүү, илимий жактан негизделген жана комплекстүү экологиялык саясатты түзмөйүнчө орун алган милдеттерди аткаруу мүмкүн эместиги өзгөчө белгиленет. Мамлекет үчүн гана эмес, бүтүндөй регион үчүн маанилүү ресурс болгон Кыргызстандын жаратылыш ресурстары сарамжалдуу жана аяр мамиле жасоо менен пайдаланууга муктаж. Өнүгүү стратегияларында экологиялык чектөөлөрдү эске алуу, аларды экономикалык иш-аракеттерди жана социалдык маанилүү долбоорлорду пландаштырууда интеграциялоо зарылчылыгы экологиялык туруктуулукту жана улуттук коопсуздукту жогорулатуунун негизги учуру болуп саналат.

Эл аралык кызматташуунун, экология жана климат жаатында эл аралык макулдашуулардын имплементациясы, парник газдарынын бөлүнүп чыгуусун азайтууга, климаттын өзгөрүүсүнө ыңгайлашууга, биологиялык ар түрдүүлүктү коргоого, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тармагын кеңейтүүгө багытталган программалардын маанилүүлүгү баса белгиленген. Агартуучулук жана коомчулуктун катышуусу ажырагыс элементке айланууда: калктын экологиялык сабаттуулугун жогорулатуусуз, жарандык коомду тартуусуз, чечимдерди кабыл алууда ачык-айкындуулукту жана экологиялык маалыматтын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуусуз ийгиликтүү экологиялык саясатты куруу мүмкүн эмес.

Автор белгилегендей, ар кандай башкаруу чечимдери – муниципалдык деңгээлден республикалык деңгээлге чейин – экологиялык компонент эске алынышы зарыл. Туруктуу өнүгүү принциптерин ишке ашыруу, “жашыл экономикага”, инновациялык технологияларга жана экстенсивдүү, ресурсту көп талап кылуучу чарбага ээлик кылуудан аймакты, сууну, жерди, токойлорду жана биологиялык ар түрдүүлүктү экологиялык жактан тең салмактуу пайдаланууга өтүүнүн ойлонулган стимул берүүчү механизмдерге басым жасоо зарыл.

Ошондой эле экологиялык маалымат жана билим берүүнү укуктук жактан колдоо зарылчылыгы да каралат. Автор экологиялык маалыматтын ачыктыгынын укуктук пайдубалын түптөө, калктын экологиялык билиминин жогорку деңгээлин камсыз кылуу жана жаратылыш чөйрөсүнүн абалына натыйжалуу мониторинг жүргүзүү гана узак мөөнөттүү туруктуу өнүгүү стратегиясын түзүүгө жана экологиялык кризистерди алдын алууга мүмкүндүк берерин баса белгилейт.

Анализ жасоонун аягында автор Кыргызстандын мамлекеттик экологиялык саясатынын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн системалуу реформаларды жүргүзүү, тиешелүү ченемдик-укуктук актыларды кабыл алуу жана экологиялык мониторингди өнүктүрүү зарыл экендигин белгилейт. Жаратылышты коргоо мыйзамдарын бузгандык үчүн жоопкерчиликти күчөтүү, ошондой эле экологиялык экспертизаны жана айлана-чөйрөгө таасир этүүнү баалоону иштеп чыгуу маанилүү. Экологиялык саясатты туруктуу өнүктүрүүнүн артыкчылыктары менен шайкеш келтирүү азыркы жана келечектеги муун үчүн табигый капиталды сактап калууга жардам берет деген бекемдөөсү келтирилет.

## КОРУТУНДУ

1. Тарыхый доктриналык теорияларды, ошондой эле XII кылымдан XXI кылым аралыгында кабыл алынган айлана-чөйрөнү коргоо концепцияларын жана эл аралык укуктук актыларды изилдөө процессинде айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык-укуктук жөнгө салуу институтунун калыптануу жана эволюциясынын негизги тенденциялары анализге алынды.

Ошондой эле, кыргыз коомунун укуктук салттарын талдоонун негизинде айрым экологиялык укук бузуулар үчүн кыргыз элинин каада-салттык мыйзамдары боюнча жоопкерчилик аныкталган. Кийинки советтик жана азыркы мезгилде экологиялык укук бузуулар үчүн жоопкерчилик мамлекеттик жана экономикалык кызыкчылыктарды эске алган принциптерге негизделген. Бул принциптер улуттук мыйзамдарда жана Кыргыз

Республикасынын экологиялык коопсуздук концепциясында чагылдырылган, алар адамдын ден соолугун коргоо жана калктын экологиялык бакубаттуулугун камсыз кылуу артыкчылыктарына негизделген. Тарыхый ретроспективада флора жана фаунаны коргоо жана сактоо, абанын булгануу көйгөйлөрү, ичүүчү суунун сапатына түздөн-түз таасирин тийгизген мөңгүлөрдүн булганышы жана сакталышы, ошондой эле дарыялар менен көлдөрдүн сакталышы сыяктуу эл аралык жана мамлекеттик маанидеги маселелерге өзгөчө көңүл бурулат. 19-кылымдын аягы – 20-кылымдын башталышынан баштап өнөр жай таштандылары көйгөйү акырындык менен санитардык көйгөй катары эсептелип, өнүгүү масштабы жана өндүрүш калдыктарынын таасири күчөгөн сайын санитардык маселе экологиялык көйгөйгө айланып кеткен;

Ушундай түрдө, «экологиялык коопсуздук» түшүнүгү XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында мамлекеттердин техникалык-экономикалык өнүгүү деңгээлине жараша олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Улуу Британияда, АКШда жана Европа өлкөлөрүндө өнөр жай революциясынын өнүгүшү менен экологиялык коопсуздук маселелерин жөнгө салуучу алгачкы мыйзам актылары пайда болгон. Мисалы, Улуу Британияда 1863-жылы каустикалык сода өндүрүүдө хлор суутектин чыгышы боюнча акт кабыл алынган. Бул документ «экологиялык коопсуздук» концепциясын юридикалык жактан консолидациялоонун биринчи кадамы болуп калды.

2. Экологиялык коопсуздуктун теориялык-укуктук проблемаларын анализдөө, ошондой эле чет өлкөлүк изилдөөчүлөр тарабынан илимий адабияттарды изилдөө экологиялык коопсуздуктун негизги теориялык концепцияларын аныктоого мүмкүндүк берди. Чет өлкөлүк адистердин изилдөөлөрүндө «экологиялык коопсуздук» термининин түшүнүк берүү аппараты иштелип чыккан, ал адамзаттын керектөөлөрү менен айлана-чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы балансты аныктоого мүмкүндүк берди. Концептуалдык мамилелердин негизинде автор тарабынан **экологиялык коопсуздук** түшүнүгүнө тар маанидеги аныктамасы берилген. Бул түшүнүктү улуттук жана эл аралык уюмдардын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын айлана-чөйрөнү коргоо жана сактоо боюнча ишмердүүлүгү катары түшүнүү сунушта.

Кеңири мааниде, **экологиялык коопсуздук** – адам өзү жараткан жана жаратылышта көбөйүп жаткан коркунучтардан биосфераны, адамды, коомду, мамлекетти коргоо системасын билдирген улуттук коопсуздуктун элементтеринин бири катары берилген.

Экологиялык коопсуздук жана аны камсыз кылуу бир катар фундаменталдуу принциптерге негизделет:

- экологиялык укуктук жөнгө салуу: экология чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу эрежелерди түзүү жана колдонуу;
- айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоо: адам ишинин потенциалдуу экологиялык кесепеттерин талдоо;
- экологиялык лицензиялоо, экспертизалоо жана сертификациялоо: экологияга байланыштуу иштерди жүргүзүүгө уруксат алуу процесси;
- экологиялык контроль жана көзөмөл: экологиялык укук бузууларды аныктоого жана алдын алууга багытталган чаралардын системасы;
- экологиялык укук бузуулар үчүн юридикалык жоопкерчилик: экологиялык укук бузуулар үчүн жазалоону камсыз кылуучу механизмдер.

3. Кыргызстандын эл аралык уюмдарга мүчөлүгү жана мамлекет тарабынан ратификацияланган эл аралык документтерди анализдөө, ошондой эле аларга ылайык улуттук мыйзамдарды кабыл алуу экологиялык укук бузууларды болтурбоо боюнча иштин негизги багыттарын аныктоочу программалык документтерди иштеп чыгууга жана бекитүүгө мүмкүндүк берди. Мындан тышкары, экологиялык коопсуздукка талдоо жүргүзүлүп, бул жаатта контроль күчөтүлүп, талаптар катуулатылып, экологиялык кылмыштуулуктун алдын алуу чаралары көрүлдү. Кыргыз Республикасы айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы бир катар эл аралык уюмдардын мүчөсү болуп калды, мисалы: Бириккен Улуттар Уюмунун айлана-чөйрөнү коргоо программасы (ЮНЕП); Бүткүл

дүйнөлүк метеорологиялык уюму (ВМО); Бириккен Улуттар Уюмунун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму (ФАО); Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ВОЗ); Бириккен Улуттар Уюмунун Илим, билим жана маданият боюнча уюму (ЮНЕСКО).

Бириккен Улуттар Уюмунун органдарынын жана мекемелеринин системасынын негизинде Кыргыз Республикасы айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык кызматташуу маселелерине глобалдык да, регионалдык да деңгээлде өзгөчө маани берет. Бул кызматташтыктын негизги аспектилери болуп төмөнкүлөр саналат: жаратылыш ресурстарын комплекстүү жана сарамжалдуу башкарууну камсыз кылуу үчүн тереңирээк илимий билимдерди берүү; өнүгүүнү пландаштырууга жана башкарууга комплекстүү мамилени кубаттоо жана колдоо; мамлекеттерге, өзгөчө өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге алардын экологиялык көйгөйлөрүн чечүүдө жардам көрсөтүү, айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү жана тиешелүү сунуштарды иштеп чыгуу; БУУнун системасынын алкагында экологиялык саясат боюнча жалпы жетекчилик; мезгил-мезгили менен берилүүчү отчётторду иштеп чыгуу жана талкуулоо; айлана-чөйрөнү коргоо маселелери боюнча эл аралык укуктун прогрессивдүү өнүгүшүнө көмөктөшүү жана башкалар.

4. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун философиялык-методологиялык мамилелерин талдоонун жүрүшүндө экологиялык кризистин олуттуулугун сезүү менен дүйнөлүк коомчулук тарабынан иштелип чыккан айлана-чөйрөнү коргоонун кээ бир жалпы принциптери аныкталган. Туруктуу өнүгүү концепциясы бул жерде маанилүү роль ойнойт, анткени ал глобалдык экологиялык көйгөйлөрдү чечүү үчүн идеяларды жаратууга жардам берет. Тактап айтканда, ал жасалма жана табигый адам чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара аракеттенүү боюнча инновациялык көз карашты сунуш кылат. Учурда дүйнөлүк коомчулук бүтүндөй экосистеманын кызыкчылыктарын эске алуу менен экономикалык ишмердүүлүктү жөнгө салууга жана өнүктүрүүгө умтулууда.

5. Изилдөөнүн фундаменталдуу мамилелерин колдонуу процессинде америкалык жана европалык окумуштуулардын илимий эмгектеринде кеңири чагылдырылган глобалдык экологиялык коопсуздуктун саясий моделдөөсүнө кайрылбай коюу мүмкүн эмес. Мындан тышкары, экологиялык коопсуздукту камсыз кылууга багытталган укуктук жөнгө салуунун эки моделинин болушун эске алуу зарыл, алар шарттуу түрдө чыгыш жана батыш деп белгилениши мүмкүн.

Чыгыш модели постсоветтик мейкиндикте тарыхый жактан өнүккөн жана төмөнкүлөргө негизделет: долбоорлоо жана башкаруудагы мамлекеттик каржылоо; экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иштердин этаптарынын ырааттуулугу, этап боюнча мүнөзү; ченемдик деңгээлде катуу жөнгө салынат; мамлекеттик экспертиза (мисалы, пайдалуу кен байлык запастарын изилдөө).

Чет мамлекеттерде калыптанып калган Батыш модели төмөнкүлөрдү камтыйт: мамлекеттин минималдуу катышуусу; укуктук жөнгө салууда жана долбоорлоодо негизги көңүл айлана-чөйрөнү коргоого жана коопсуздукка бурулат.

Ошентип, иште бир катар артыкчылыктуу методдор колдонулган, анын ичинде: институционалдык метод – глобалдык экологиялык коопсуздук системасын моделдөөдө; биотехнологиялык методдор – Кыргызстандын жапайы флорасын изилдөө жана сактоо максатында; БУУнун түзүмүндөгү универсалдуу уюмдун алкагында экологиялык коопсуздук системасын реформалоо боюнча глобалдык экологиялык коопсуздук институтунун негизги ыкмалары системага салынган; адам жашоосунун социалдык, маданий жана жаратылыш чөйрөлөрүнүн призмасы аркылуу экологиялык коопсуздуктун өнүгүшүн жана аралашуусун байкоого мүмкүндүк берген историзм методу.

Эл аралык экологиялык коопсуздукка коркунучтардын негизги булактарын аныктоодо азыркы замандын негизги глобалдык экологиялык чакырыктары жана аларды жеңүүнүн эл аралык механизмдерин калыптандыруу каралат.

Эл аралык экологиялык коопсуздукка коркунучтун булактары ички жана тышкы болуп бөлүнүшү керек. Улуттук коопсуздукка коркунучтун ички булактарына төмөнкүлөр

кирет: булгоочу заттардын чыгарылышынын жана агындыларынын олуттуу көбөйүшү, ошондой эле өндүрүш жана тиричилик таштандыларынын көбөйүшү; өзгөчө ири шаарларда жана өнөр жай аймактарында абанын булганышы. Азот, жез, цинк, фенол, хром жана башкалар сыяктуу зыяндуу заттардын таасиринен суу ресурстарынын булганышы, дарыялардын азайышы жана ичүүчү суунун сапатынын начарлашы адамдардын ден соолугуна жана айлана-чөйрөгө олуттуу коркунуч туудурат. Деңиз жээктери, анын ичинде Ысык-Көл, булгануунун терс таасирине дуушар болот, анын булагы болуп өнөр жай ишканаларына жакын жайгашкан дарыялар жана саркынды суулар саналат. Малдын санынын азайышы тынчсызданууну жаратууда. Мындан тышкары, радиоактивдүү булгануу, уулуу заттарды сактоо, өсүмдүктөрдү жок кылуу, пестициддерди колдонуу жана токойлорду кыюу, жер астындагы суулардын минералдашуусу, өрт жана сел менен байланышкан маселелер бар. Тышкы коркунучтарга радиоактивдүү булгануу, атомдук электр станцияларынын авариялары, химиялык, мунай жана күйүүчү майлардын булганышы кирет. Браконьерлик жана токойлорду кыюу олуттуу зыян келтирет, ал эми токойлор өрттөн, жыгачтарды кыюулардан жана өнөр жай газдарынан зыян тартат. Курт-кумурскалар да коркунуч туудурат.

Биологиялык, химиялык, ядролук курал жана коркунучтун башка булактары экологиялык коопсуздукка эң олуттуу коркунуч жаратат. Химиялык курал массалык жоготууларга жана олуттуу кыйроого алып келиши мүмкүн. Тилекке каршы, өлкөлөр ортосундагы пикир келишпестиктерден жана эл аралык келишимдердин сакталышын көзөмөлдөөдөгү кыйынчылыктардан улам бул жааттагы кызматташуу көйгөйлөрү чечилбей келет. Кээ бир мамлекеттерде ядролук куралдын болушу бүткүл адамзатка олуттуу коркунуч келтирет. Эл аралык коомчулук бул көйгөйдү чечүүнүн үстүндө жигердүү иштеп жатат, бирок татаал геосаясий кырдаалдан жана улуттук коопсуздук маселелерден улам айрым өлкөлөр ядролук куралдан баш тартууга даяр эмес.

Ядролук курал колдонбоо процесси техникалык, экономикалык жана саясий кыйынчылыктарга дуушар болууда, бирок эл аралык коомчулук БУУнун, Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттиктин ж.б. алкагында кызматташуунун жана диалог түзүү аркылуу чечимдерди табууну улантат.

7. Белгилүү болгондой, азыркы дүйнөдө биологиялык курал негизинен айлана-чөйрөгө жана адамдардын ден соолугуна олуттуу коркунуч туудурган аскердик кагылышууларда колдонулат. Биологиялык куралдын өзгөчөлүгү алардын эпидемияларды жана пандемияларды пайда кылуу жөндөмдүүлүгү болуп саналат, анткени патогендик микроорганизмдер тез жайылып, көптөгөн адамдардын арасында ооруну пайда кылышы мүмкүн. Бирок биологиялык курал тынчтык максатта да колдонуларын унутпашыбыз керек. Биологиялык куралдын таралышынын жана колдонулушунун негизги элементтери болуп төмөнкүлөр саналат: аны инфекция жуккан алып жүрүүчүлөр – курт-кумурскалар же кемирүүчүлөр аркылуу колдонуу; дем алууда адамдын организмине зыяндуу таасир этүүчү аэрозоль түрүндө чачуу; кудуктарды ууландыруу, уу газдарды согуш талаасында колдонуу; айыл чарба жерлеринин жана суу булактарынын булганышы, сары безгек, бруцеллез, кара тумоо, холера, эпидемиялык келте жана башка ооруларды пайда кылууда. Биологиялык куралга вирустар, бактериялар, козу карындар, токсиндер жана башка зыяндуу организмдер кирет.

Азыркы замандын эң кооптуу жагдайларынын бири – террордук уюмдардын биологиялык куралды колдонуусу. Бул көрүнүш биологиялык куралдын болушу, алардын жогорку натыйжалуулугу, калкка күчтүү психологиялык таасири жана олуттуу экономикалык зыяны менен мүнөздөлөт. Биологиялык куралды колдонуу азык-түлүк менен камсыз кылуунун үзгүлтүккө учурашына алып келет, коомдо дүрбөлөңдү жана коркунучту жаратат, ачарчылыктын пайда болушуна, башаламандыктардын санынын көбөйүшүнө, бийликке болгон ишенимдин төмөндөшүнө, ошондой эле жумушчу күчтөрдүн жөндөмсүз болушуна алып келет.

Кээ бир эксперттердин пикири боюнча, учурда Америка Кошмо Штаттары өздөрүнүн аймагында биологиялык куралды иштеп чыгууну болтурбоого мүмкүндүк берген стратегияны колдонуп жаткандыгы да коркунучтуу: бир гана постсоветтик мейкиндикте, алар: Арменияда, Украинада, Азербайжанда, Грузияда жана Казакстанда 30дан ашык биолабораторияларды ачышкан. Мисалы, Америка Кошмо Штаттары Тажикстан менен биологиялык изилдөө жаатында кызматташууну күчөткөн сайын, өлкөдө кызамык жана башка коркунучтуу инфекциялардын түшүнүксүз очоктору пайда боло баштады. Кыргызстан чет элдик биолабораторияларды жайгаштырууга расмий түрдө тыюу салынган постсоветтик мейкиндиктин акыркы таянычы бойдон калууда.

8. Экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү эл аралык-укуктук актыларга келсек, Кыргызстан 13төн ашык жаратылышты коргоо боюнча конвенцияларды жана аларга бир нече протоколдорду ратификациялады, бирок эл аралык ченемдик укуктук актылардын ченемдери улуттук мыйзамдардын ажырагыс бөлүгү болгонуна карабастан, адатта, декларативдик мүнөзгө ээ жана жаратылышты коргоо жана сактоо боюнча конкреттүү чараларды камтыбайт. Кыргызстанда жаратылыш объекттерин коргоо жана сактоо механизминин эффективдүү иштеши, ошондой эле алардын тийиштүү укуктук жөнгө салынышын камсыз кылуу үчүн аларды улуттук мыйзамдарга ылайыкташтыруу максатында мамлекеттик деңгээлде эл аралык нормаларга терең анализ жүргүзүү зарыл.

Кыргызстандын эл аралык кызматташууга жигердүү катышуусу жана эл аралык стандарттардын талаптарына шайкеш келүү зарылчылыгы коом алдында айлана-чөйрөнү коргоонун иштеп жаткан системасына терең анализ жүргүзүү, экологиялык саясаттын артыкчылыктуу багыттарын жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу милдеттерин концептуалдык кайра карап чыгуу милдеттерин коюуда. Климаттын кескин өзгөрүшү, озон катмарынын бузулушу, прогрессивдүү түрдө чөлгө айлануу жана биологиялык ар түрдүүлүктүн кыскарышы эң актуалдуу маселелер бойдон калууда. Ушуга байланыштуу, эл аралык укук экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу, кызматташтыкты өнүктүрүү жана стандарттарды сактоо боюнча негизги инструмент болуп саналат.

Бул жаатта эл аралык укук кызматташуунун өнүгүшүн жана стандарттардын сакталышын шарттаган экологиялык коопсуздукту камсыз кылуудагы негизги инструмент болуп саналат.

9. *«Таза сууга бирдей жетүү укугун эл аралык-укуктук жөнгө салуу»* бөлүмүндө адамдын ичүүчү таза сууга жеткиликтүү болуу укугун ишке ашырууну камсыз кылган эл аралык-укуктук механизмдерди түзүү жана өнүктүрүү маселелери каралат. Автор акыркы он жылдыкта суунун негизги жашоо муктаждыктарын канааттандыруу, жеке жана тиричилик гигиенасы, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугун жана калктын саламаттыгын камсыз кылуу үчүн зарыл ресурс катары өтө маанилүү экенин баса белгилеген. Мында сууга болгон укукту бекемдеген жана өнүктүрүүчү негизги эл аралык укуктук актылар, резолюциялар жана макулдашуулар анализге алынат, алардын арасында БУУнун документтери, Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун чечимдери, ошондой эле адам укуктары боюнча аймактык жана универсалдуу келишимдер өзгөчө орунду ээлейт. Бөлүмдө сууга болгон укукту ишке ашырууга тоскоол болгон факторлор, анын ичинде инфраструктуранын жоктугу, суу ресурстарын начар башкаруу, жакырчылык, калктын өсүшү, климаттын өзгөрүшү, ошондой эле урбанизация жана булгануу анализге алынган.

10. Кыргызстанда айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мамлекеттик башкаруу жана контролдоо жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга жана курчап турган чөйрөнүн абалын контролдоого багытталган. Бул чөйрөдөгү мамлекеттик жөнгө салуунун негизги максаты жаратылыш чөйрөсүн сактоо жана улуттук экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат. Башкаруу жана контролдоо жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууга мүмкүндүк бере турган натыйжалуу уюштуруу мамилелерин жана экономикалык инструменттерди иштеп чыгууга багытталган. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу мамлекеттин, бизнестин жана коомдун

кызыкчылыктарын шайкеш келтирген экономикалык жана укуктук механизмдерден көз каранды.

Ушундай түрдө, Кыргызстандын мамлекеттик башкаруу системасында көңүл бурууну жана чечүү жолдорун талап кылган бир катар көйгөйлөр аныкталган: 1) бюджеттик каражаттардын чектелгендиги менен шартталган экологиялык программаларды каржылоонун жетишсиздиги; 2) билим берүү системасындагы көйгөйлөрдөн улам келип чыккан квалификациялуу адистердин жетишсиздиги; 3) функциялардын кайталанышына алып келүүчү мамлекеттик органдардын ортосунда координациянын жоктугу; 4) көрүлүп жаткан чаралардын натыйжалуулугун төмөндөтүүчү экология чөйрөсүндө бирдиктүү стратегиянын жоктугу; 5) жаратылыш ресурстарынын, анын ичинде токойду мыйзамсыз кыюуга жана пайдалуу кен байлыктарды казып алуулардын корголбогондугу; 6) айлана-чөйрөнүн абалына терс таасирин тийгизген таштандыларды чыгаруу көйгөйлөрү; 7) калктын экологиялык маселелер жана жарандардын укуктары жөнүндө маалыматынын жетишсиздиги.

11. Кыргыз Республикасында экологиялык коопсуздукту жана курчап турган чөйрөнү коргоону камсыз кылууга багытталган укуктук механизмдерди интенсивдүү өнүктүрүү жүрүп жатат. Бул механизмдер бул чөйрөдө натыйжалуу укуктук жөнгө салууну калыптандыруу жана ишке ашыруу үчүн иштелип чыккан: Биринчиден, ички улуттук ченемдик-укуктук актыларды кабыл алууда пайдаланылышы жана колдонулушу мүмкүн болгон жоболорду аныктоо максатында ички улуттук деңгээлде экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу маселелери боюнча чет мамлекеттердин оң тажрыйбасын эске алуу менен эл аралык укуктук документтерге анализ жүргүзүлдү. Экинчиден, айлана-чөйрөнү коргоону жана экологиялык коопсуздукту камсыз кылууну жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуунун жана кабыл алуунун ретроспективасы сунушталды; бул чөйрөнү жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына анализ жасалды: Кыргыз Республикасынын “Суу жөнүндө”, “Жер казынасы жөнүндө”, “Инвестициялар жөнүндө” мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Суу кодекси ж.б. Эл аралык-укуктук документтерди ички улуттук мыйзамдарга шайкеш келтирүү аракети көрүлдү. Үчүнчүдөн, чет өлкөлүк инвестицияларды тартуу процессин жөнгө салуучу документтер, ошондой эле ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан Кыргыз Республикасына келтирилиши мүмкүн болуучу экономикалык, өндүрүштүк жана экологиялык зыянды алдын алуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар тыкыр изилденген. Төртүнчүдөн, мурда өлкөдө экологиялык жактан маанилүү маалыматка жетүү кыйын болуп, айрым учурда дээрлик мүмкүн эмес болгондугу белгиленет. Расмий түзүмдөр тарабынан радиациялык жана башка булгануулар, зыяндуу заттардын чыгарылышы, авариялар жана катастрофалар жөнүндө маалыматтарды жашыруу Чернобылдагы трагедиядагыдай эң оор кесепеттерге алып келди. Саясий кайра түзүүлөрдүн жүрүшүндө жарандардын экологиялык маалыматты алуу жана жайылтуу укуктарын мыйзамдык жактан бекемдөө аракеттери көрүлгөн. Бирок коомчулуктун маалыматка жетүүсүн жөнгө салуучу мыйзамдардын кабыл алынгандыгына карабастан, колдонуудагы мыйзамдарда “экологиялык маалымат” түшүнүгүнүн так аныктамасы жок, аны берүүнүн так тартиби дайыма эле белгилене бербейт, көбүнчө укуктук ченемдер декларативдик мүнөздө болот.

12. Проблемаларды чечүү үчүн изилдөөдө стратегиялык программаларды жана концепцияларды иштеп чыгууда комплекстүү мамилени колдонуунун негиздемеси берилет. Экономикалык пландарды жана социалдык программаларды иштеп чыгууда экологиялык факторлор эске алынууга тийиш. Буга жетишүү үчүн чечимдерди кабыл алуу процессине башкаруунун бардык деңгээлдеринин өкүлдөрүн жана билимдин ар кандай чөйрөлөрүнүн адистерин: экономисттерди, юристтерди, социологдорду, саясат таануучуларды ж.б. тартуу маанилүү. Мындай мамиле көйгөйдүн бардык аспектилерин эске ала турган комплекстүү чечимдерди иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Стратегиялык программаларды иштеп чыгуу процессинде илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларына жана так статистикалык маалыматтарга таянуу зарыл. Бул потенциалдуу коркунучтарды

аныктоого жана аларды минималдаштыруу боюнча чараларды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Долбоорду пландаштыруу этабында потенциалдуу тобокелдиктерди аныктоо жана аларды четтетүү боюнча чараларды иштеп чыгуу үчүн терең анализ жүргүзүү маанилүү.

Айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик концепциянын негизги багыттары 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Экологиялык коопсуздук концепциясында белгиленген. Кыргызстан эгемендүүлүк жылдарында айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук боюнча бир катар эл аралык документтерге кошулду. Концепцияда республиканын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча жоболорду этап-этабы менен ишке ашырууну аныктайт: Биринчи этап (2007-2010-ж.) – экосистемалардын потенциалдык көлөмүн эске алуу менен социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү; экинчи этап (2010-2015-жылдар) – айлана-чөйрөнүн булганышынын деңгээлин төмөндөтүү, жаратылыш чөйрөсүн сактоо жана калыбына келтирүү; үчүнчү этап (2015-2020-жылдар) – айлана-чөйрөнүн сапатын жакшыртуу жана жаратылышты туруктуу башкарууга жетишүү; төртүнчү этап – 2025-жылга чейин жаратылыш системаларын, коомдун турмуштук кызыкчылыктарын жана инсандын укуктарын курчап турган чөйрөгө антропогендик жана жаратылыш таасирлеринин натыйжасында келип чыгуучу коркунучтардан коргоону камсыз кылуу.

Мамлекеттин экологиялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу өлкөнүн экологиялык коопсуздук системасынын негизги компоненттерине, биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо, абанын булганышын болтурбоо, суу объектилеринин эвтрофикациясына каршы күрөшүү, ошондой эле сапаттуу ичүүчү суунун болушу менен байланышкан көйгөйлөргө негизделген.

Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу жагындагы Кыргыз Республикасынын Концепциясында белгиленген мамлекеттик саясат төмөнкүдөй негизги принциптерге негизделет: социалдык-экономикалык жана экологиялык коопсуздукту туруктуу өнүктүрүү, жаратылыш менен гармониялуу жанаша жашоодо адамзат коомун өнүктүрүү; адамдын чарбалык ишмердигинен келип чыккан экологиялык кесепеттерди жана экологиялык катастрофаларды минималдаштыруу; айлана-чөйрөгө күтүүсүз таасир тийгизген чарбалык иш менен алектенүүдөн баш тартуу; экологиялык маалыматка жеткиликтүүлүк; жарандык коомдун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бүтүндөй коомдун айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча чечимдерди кабыл алууга жана ишке ашырууга катышуусу ж.б.

Социалдык сурамжылоонун жыйынтыктарын анализдөө көрсөткөндөй, Кыргызстан бийлиги экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн белгилүү бир чараларды көрүп жатат, бирок алар сурамжылоого катышкандардын 73,9%ынын ою боюнча жетишээрлик деңгээлде натыйжалуу эмес, 21,0%ынын пикиринде чаралар натыйжасыз жана социалдык сурамжылоодон өткөн 5,1%ынын пикиринде бийлик тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жетишээрлик деңгээлде натыйжалуу деп эсептешет. Кыргызстандагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнү оптималдаштыруу үчүн сурамжылоого катышкан респонденттер төмөнкүдөй артыкчылыктуу чараларды сунушташкан:

1) экологиялык коопсуздук жаатында иштеп жаткан мыйзамдарды сактоону күчөтүү (43,8%);

2) экологиялык бузуулар үчүн айып пулдардын көбүрөөк суммасын киргизүү (34,9%);

3) экологиялык мыйзамдарды катуулатуу (21,3%).

Бул чаралар, сурамжылоого катышкан респонденттердин көз карашынан алганда, Кыргыз Республикасындагы экологиялык көйгөйлөрдү чечүүнү шарттайт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШ-КӨРСӨТМӨЛӨР

Аталган сунуш-көрсөтмөлөр глобалдык тенденцияларды, улуттук өзгөчөлүктөрдү жана өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн зарылдыгын эске алуу менен системалуу мамилеге багытталган:

### 1. Мыйзамдар:

1.1. *Автор тарабынан **экологиялык коопсуздук** түшүнүгүнүн тар маанидеги аныктамасы берилген. Анда аталган түшүнүктү улуттук жана эл аралык уюмдардын, мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын айлана-чөйрөнү коргоо жана сактоо боюнча ишмердүүлүгү катары түшүнүүгө болот.*

Кеңири мааниде, ***экологиялык коопсуздук*** *– адам өзү жараткан жана жаратылышта көбөйүп жаткан коркунучтардан биосфераны, адамды, коомду, мамлекетти коргоо системасын билдирген улуттук коопсуздуктун элементтеринин бири катары берилген.*

*1.2. Экологиялык кодекстин долбоорун карап чыгып, кабыл алууну сунуштайбыз.* Жаратылышты пайдалануунун, айлана-чөйрөнү коргоонун, экосистемалардын булганышын жана бузулушун алдын алуунун укуктук негиздерин так аныктай турган бирдиктүү Экологиялык кодекске колдонуудагы экологиялык нормаларды системалаштыруу жана кодификациялоо зарыл. Кодексте айлана-чөйрөгө милдеттүү түрдө таасир этүүнү баалоону (АМТБ), экологиялык экспертизаны, эң мыкты колдонуудагы технологияларды жана жаратылыш чөйрөсүнө келтирилген зыяндын ордун толтуруунун механизмдерин киргизүү каралууга тийиш.

1.3. *Жаратылышты коргоо иштеринин экономикалык стимулдарын жана рыноктук механизмдерин киргизүү.* Экологиялык абалды жакшыртуу үчүн экологиялык салыктар, булгоо үчүн төлөмдөр, «жашыл» технологиялар үчүн жеңилдиктер жана субсидиялар, квоталар жана таштандыларды сатуу системалары сыяктуу экономикалык стимул берүүлөр жана рыноктук механизмдер зарыл. Экологиялык төлөмдөрдөн түшкөн каражаттар жерлерди, токойлорду, суу ресурстарын калыбына келтирүүгө жана энергиянын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталышы зарыл. Ыкчам укуктук, финансылык колдоо жана күтүлбөгөн экологиялык коркунучтарды, катастрофаларды ж.б. четтетүү максатында Экологиялык фонд түзүү керек.

1.4. *Климаттык саясат жана климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу жаатындагы укуктук ченемдерди өркүндөтүү.* Климаттын өзгөрүшүнө каршы күрөшүү үчүн укуктук нормаларды өркүндөтүү, атайын мыйзамды кабыл алуу же климаттын өзгөрүшүнүн алдын алуу жана алардын кесепетин, ага ыңгайлашуу жана парник газдарынын бөлүнүп чыгышын азайтуу маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. Көмүртектин изин азайтуу боюнча максаттуу көрсөткүчтөрдү белгилөө, климаттык долбоорлорду каржылоо механизмдерин иштеп чыгуу, энергиянын кайра жаралуучу булактарына жана энергияны үнөмдөөчү технологияларга өтүүгө стимул берүү зарыл.

1.5. *Экологиялык укук бузуулар үчүн жоопкерчиликти күчөтүү жана компенсациялоо механизмдерин киргизүү.* Жаратылышты коргоо боюнча мыйзамдарды бузуулар үчүн административдик жана жазык жоопкерчилигин күчөтүү, экосистемага жана адамдардын саламаттыгына зыян келтирилгендиги үчүн күчөтүлгөн санкцияларды киргизүү зарыл. Аварияларга жана катастрофаларга ыкчам чара көрүүнү жана алардын кесепеттерин жоюуга каражаттарды чогултууну камсыз кылуу үчүн экологиялык тобокелдиги жогору ишканалар үчүн да милдеттүү экологиялык камсыздандыруу киргизилүүгө тийиш.

1.6. *Адистештирилген органды* - экологиялык милицияны (полицияны) түзүү, анын функцияларына төмөнкүлөр кирүүгө тийиш: калк арасында алдын алуу жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүү; экологиялык кылмыштарды иликтөө, далилдерди чогултуу, күнөөлүүлөрдү кармоо жана иштерди сотко өткөрүп берүү; ишканалар жана жарандар тарабынан экологиялык нормалардын сакталышын контролдоо; курчап турган чөйрөнү

коргоо жаатында укук коргоо органдары, бийлик органдары жана коомдук уюмдар менен өз ара иш алып баруу.

1.7. *Өнүктүрүүнүн бардык стратегияларына жана программаларына экологиялык курамдарын интеграциялоо.* Улуттук, регионалдык жана тармактык өнүгүү стратегияларына экологиялык компонентти милдеттүү түрдө киргизүү зарыл. Айыл чарбасынын, өнөр жай өндүрүшүнүн, транспорттун жана энергетика системаларынын туруктуу моделдери камсыз кылынып, ишке киргизилиши зарыл. Инвесторлорду жана өлкөнүн экономикасына тартылган долбоорлорду тандоодо өндүрүштү жашылдандыруунун артыкчылыктуулугун караштыруу.

1.8. *Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоону жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдаланууну укуктук камсыздоо.* Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары (ӨӨБ) үчүн кыйла катаал укуктук режимди киргизүү, токойлорду пайдалануунун, жайыт чарбасын жана балык уулоо зоналарынын ченемдерин өркүндөтүү, агрохимикаттарды жана пестициддерди колдонууга көзөмөлдү күчөтүү. Мыйзамдарда браконьерликтин, мыйзамсыз токойлорду кыюунун, ресурстарды уруксатсыз колдонууну алдын алуу боюнча чараларды, ошондой эле токойлорду калыбына келтирүүнү жана сейрек кездешүүчү жана жоголуп бараткан жаныбарларды сактоого түрткү берүү боюнча чараларды көрүү.

1.9. *Коомчулуктун жана жарандык коомдун экологиялык саясатка катышуусун кеңейтүү.* Экологиялык жактан маанилүү долбоорлорду, стратегияларды жана өнүктүрүү программаларын милдеттүү түрдө коомдук талкуулоонун жол-жоболорун мыйзамдар менен бекитүү. Коомдук угууларды, экологиялык форумдарды, илимий жана эксперттик коомчулуктар, өкмөттүк эмес уюмдар, жергиликтүү тургундар менен консультацияларды өткөрүүнү караштыруу, ошондой эле коомдук экологиялык экспертиза практикасын киргизүү. Жалпыга маалымдоо каражаттары, социалдык тармактар, экологиялык билим берүү жана агартуучулук кампаниялары аркылуу калктын маалымдуулугун жогорулатуу.

**Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуунун мамлекеттик механизмдери**

*2.1. Атмосферанын булганышына каршы күрөшүү* – өндүрүүчүлөргө таасир этүүнүн экономикалык механизмдери: ишканалардан бөлүнүп чыгууларды азайтууга жана экологиялык абалды жакшыртууга түрткү берүүчү айлана-чөйрөгө терс таасири үчүн төлөмдөр системасын киргизүү жана экологиялык жактан таза өндүрүштү жана технологияларды колдоо үчүн салыктык жеңилдиктерди жана субсидияларды колдонуу.

2.2. *Биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо.* Экосистеманы сактоо үчүн мамлекеттик деңгээлде *төмөнкү чаралар* көрүлүүгө тийиш:

- табигый экосистемаларды укуктук коргоону киргизүү;
- корголуучу жаратылыш аймактарынын санын көбөйтүү;
- жаратылыш экосистемаларынын жана биологиялык ар түрдүүлүктүн абалына мониторинг жүргүзүүнү киргизүү.
- табигый экосистемаларды сактоонун институционалдык жана мыйзамдык механизмдерин күчөтүү. Мисалы, биоартүрдүүлүктү сактоого каражаттарын салган ишкерлер жана жеке инвесторлор үчүн жеңилдетилген салыкты киргизүүгө болот. Ошондой эле флора менен фаунанын сейрек кездешүүчү жана жок болуп кетүү коркунучу алдында турган түрлөрүнө келтирилген зыян үчүн айып пул жана жазалоо чараларын күчөтүү зарыл;
- «Биоартүрдүүлүктү сактоо боюнча коомдук келишим» модели сыяктуу эл аралык практиканын мыкты үлгүлөрүн эске алуу менен мамлекеттик жаратылышты коргоо чыгымдар программаларын башкаруунун инновациялык институционалдык механизмдерин киргизүү.

*2.3. Экологиялык экспертизаны жана мониторингди жакшыртуу*

Экологиялык баалоонун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн ченемдик-укуктук базаны өркүндөтүү, инновацияларды киргизүү, коомдук уюмдарды тартуу, дисциплиналар аралык мамилени колдонуу, жыйынтыктарды контролдоо жана баалоо, административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү, экологиялык сабаттуулукту жогорулатуу, көз карандысыз

эксперттик түзүмдөрдү түзүү, экологиялык мониторинг жана изилдөөчүлүк колдоо системасын өнүктүрүү, ошондой эле онлайн платформаларды иштеп чыгуу жана экология жаатында илимий изилдөөлөргө түрткү берүү зарыл. Бул чаралар экологиялык экспертизанын натыйжалуулугун жогорулатууга жана аны туруктуу өнүктүрүүгө багыттоону шарттайт. Ошондой эле илимий изилдөө иши, жаңы технологияларды киргизүү, экологиялык жактан жоопкерчиликтүү ишканалар үчүн салыктык жеңилдиктерди жана субсидияларды берүү, «жашыл» сертификаттар системасын жана туруктуу өнүгүүгө көмөктөшүүчү башка механизмдерди өнүктүрүү маанилүү. Жаштардын айлана-чөйрөгө болгон жоопкерчиликтүү мамилесин калыптандырууда экологиялык билим берүү жана агартуу негизги ролду ойнойт.

*2.4. Экологиялык билим жана тарбия*

Бул процесстин алкагында эл аралык нормаларга жана талаптарга жооп берген стандарттарды, окуу пландарын жана программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл. Мындан тышкары, коммуникациянын заманбап каражаттарын пайдалануу менен жана глобалдашуу жана маданияттар ортосундагы мамилелерди гумандаштыруу процесстерин эске алуу менен экология жаатында эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү маанилүү. Бул максаттарга жетүү үчүн адистерди даярдоонун эл аралык системаларына интеграцияланган экологиялык билим берүүнүн концепциясын иштеп чыгуу зарыл. Бул курчап турган чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүгүү маселелерин комплекстүү чечүүгө мүмкүндүк берет.

*2.5. Эл аралык кызматташтык*

Экологиялык күн тартиби боюнча өнөктөштөр менен эл аралык кызматташтыкты жана өз ара иш алып барууну кеңейтүү. Экология тармагындагы ресурстарды, технологияларды тартуу жана тажрыйба алуу үчүн эл аралык уюмдардын, фонддордун жана техникалык көмөк көрсөтүү программаларынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу. Улуттук мыйзамдарды эл аралык укуктук актыларга шайкеш келтирүү, курчап турган чөйрөнү коргоо, климаттын өзгөрүшү жана биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо жаатындагы конвенцияларды жана макулдашууларды ратификациялоо жана сактоо. Жалпы суу ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, токойлорду сактоо жана экосистемага зыян келтирүүчү булганууну болтурбоо маселелери боюнча коңшу мамлекеттер менен транс чек аралык кызматташтыкты өнүктүрүү.

2.6. Экологиялык проблемаларды, мисалы: суу ресурстарын, жасалма көлмөлөрдү, мөңгүлөрдү ж.б. коргоо сыяктуу проблемаларды чечүү үчүн *Борбордук Азиянын регионалдык экологиялык уюмун түзүү.*

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИШТЕРДИН ТИЗМЕСИ:


1. Карабалаева, С. Б. Некоторые вопросы развития нормативных основ экологической безопасности Киргизской Республики [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев // Бюллетень науки и практики. – 2019. – 5-т. (№1). – 336–340-бб. – Жеткиликтүүлүк режими: Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/item.asp?id=36794677
2. Карабалаева, С. Б. Проблемы экологической безопасности в системе национальной безопасности Кыргызской Республики [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев // Экологическое право. – 2019. – № 6. – 33–35-бб. – Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/it.m.asp?id=41585760
3. Карабалаева, С. Б. Проблема выброса твердых бытовых отходов (ТБО): пути решения на примере практики зарубежных стран [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев // Кыргызстан Эл аралык университетинин Жарчысы. – 2019. – № 2 (39). – 147–151-бб – Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/item.asp?id=43995941

4. Карабалаева, С. Б. Некоторые вопросы развития экологического правосознания общества [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев // Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөө. – 2019. – 4-б.– 148–153-бб.– Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/item.asp?id=44048253
5. Карабалаева, С. Б. Кыргызский менталитет и право [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев // Кыргызстан Эл аралык университетинин Жарчысы. – 2020. – № 2 (41). – 162–165-жж. – Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/item.asp?id=44465628
6. Карабалаева, С. Б. Теоретико-правовые исследования института судебной власти [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев, А. Ж. Токтомбаева // Казакстан Республикасынын УИА Жарчысы. – 2021. – №5. – 185–190-бб. – Басылмага шилтеме: https://journals.nauka-nanrk.kz/bulletin-science/article/view/2507
7. Карабалаева, С. Б. Некоторые аспекты международных договоров по запрещению распространения ядерного оружия и их значение для Киргизской Республики [Электрондук булак] / С. Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев // Илим жана практика бюллетени. – 2021. – 7-т. (№1). – 362–367-бб. – Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/item.asp?id=44623258
8. Карабалаева, С. Б. Правовое регулирование охраны озера Иссык-Куль [Текст]: монография / С. Б. Карабалаева. – Б.: КРСУ, 2020. – 173 б.
9. Карабалаева, С. Б. Правовые проблемы устойчивого пространственного развития государств-участников СНГ: монография [Электрондук булак] / [С. Б. Карабалаева, Е. А. Галиновская, М. В. Пономарев, А. Ш. Азимзода ж.б..]. – М.: Институт законодательства и сравнительного правоведения, 2022. – 456 б.– Басылмага шилтеме: https://elibrary.ru/item.asp?id=49383884
10. Карабалаева, С. Б., Environmental Refugees Problems and Solutions [Электрондук булак] / S. B. Karabalaeva, B. T. Toktobaev. – М.: Кыргызстан Эл аралык университетинин Бюллетени.– 2023. – № 4 (52). – 297–302-бб. – Басылмага шилтеме: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=61045013
11. Карабалаева, С. Б. Некоторые экологические проблемы, касающиеся правовой охраны и защиты озера Иссык-Куль. Байкальский природоохранный форум. Сборник статей I (X) Международной научно-практической конференции. [Электрондук булак] / Карабалаева, С. Б. – Иркутск, 2023. – 51–56-бб. – Басылмага шилтеме: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54133375
12. Карабалаева, С. Б. Theoretical and Legal Foundations for the Protection of Environmental Rights as Part of Political Rights in Kyrgyz-stan [Электррндук булак] / С.Б..Карабалаева, А. Сыдыков // Илим жана практика бюллетени. – 2024. – 10-бөлүм (№10). – 285–297-бб. – Басылмага шилтеме: https://www.bulletennauki.ru/gallery/107_35.pdf
13. Карабалаева, С.Б.. National Characteristics of the Kyrgyz Republic Regarding the Priority of Human Rights and Freedoms [Электрондук булак] / С.Б..Карабалаева, А. Сыдыков // Илим жана практика бюллетени. – 2024. – 10-бөлүм (№10). – 323-328-бб – Басылмага шилтеме: https://www.bulletennauki.ru/gallery/107_40.pdf
14. Карабалаева, С.Б. International Law Norms Effectiveness on the Environmental Protection in the Kyrgyz Republic [Электрондук булак] // BIO Web of Conferences: International Conference on Scientific and Technological Development of the Agro-Industrial Complex for the Purposes of Sustainable Development / С.Б. Карабалаева, Б. Т. Токтобаев, Р.К. Ибрагимов – В., 2024. – 6 б. – Басылмага шилтемеhttps://www.scopus.com/authid/detail.uri?authorId=58885873100

**Карабалаева Салтанат Болотовнанын**

**«Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугун камсыз кылуунун теориялык-укуктук каражаттары» деген темада 12.00.01** – мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы; мамлекет жана укук жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр**: укук, мыйзам, укуктук жөнгө салуу, экологиялык коопсуздук, концепция, жер казынасын пайдалануу, коркунучтар, флора, фауна, институционалдаштыруу, айлана-чөйрө, ресурстар.

**Иштин изилдөө объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздугунун маселелерин укуктук жөнгө салуу боюнча коомдук мамилелер саналат.

**Иштин изилдөө предмети** болуп экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча укуктук жөнгө салуунун укуктук нормалары, тенденциялары жана мыйзам ченемдүүлүктөрү эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети** Кыргыз Республикасынын экологиялык коопсуздук системасын камсыз кылуунун илимий жактан негизделген теориялык-укуктук мамилелерин жана каражаттарын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методологиясы жана методдору.** Ар кандай илимий методдорду: жеке юридикалык; дисциплина аралык; философиялык; институционалдык жана башка методдорду айкалыштырган комплекстүү мамилени камтыйт.

**Изилдөөнүн жаңылыгы.** Диссертация алгачкы комплекстүү, системага салынган илимий изилдөөлөрдүн бирин билдирет. Экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жана коргоо боюнча укуктук, институционалдык жана концептуалдык көйгөйлөр ырааттуу каралган.

**Алынган натыйжаларды колдонуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөр**. Алынган жыйынтыктар экологиялык коопсуздукту камсыз кылуу жаатында мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн, ошондой эле мамлекеттик органдардын ишинде колдонулушу мүмкүн.

**Ишти колдонуу чөйрөсү** – укуктук билим берүү, окуу процесси, укук колдонуу иши, экологиялык коопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзамдарды жакшыртуу. Окуу жана илимий-методикалык материалдарды иштеп чыгууда.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Карабалаевой Салтанат Болотовны на тему: «Теоретико-правовые средства обеспечения экологической безопасности Кыргызской Республики» на соискание ученой степени доктора юридических наук по специальности: 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве**

**Ключевые слова:** право, закон, правовое регулирование, правовые средства, экологическая безопасность, концепция, недропользование, угрозы, флора, фауна, институционализация, окружающая среда, ресурсы.

**Объектом** исследования являются общественные отношения по правовому регулированию вопросов экологической безопасности Кыргызской Республики.

**Предметом** настоящего исследования являются правовые нормы, тенденции и закономерности правового регулирования по обеспечения экологической безопасности.

**Цель и задачи** настоящего исследования заключается в выработке научно-обоснованных теоретико-правовых подходов и средств обеспечения системы экологической безопасности Кыргызской Республики.

**Методы исследования:** комплексный подход, сочетающий различные научные методы: частно-юридические; междисциплинарные; философские; институциональные методы и др.

**Результаты исследования и его новизна.**
Диссертация представляет собой одно из первых комплексных, систематизированных научных исследований. Последовательно рассмотрены правовые, институциональные и концептуальные проблемы по защите и обеспечению экологической безопасности.

**Полученные результаты** могут быть использованы для разработки законодательства в области обеспечения экологической безопасности, а также в деятельности государственных органов КР.

**Область применения** – правовое образование, учебный процесс, правоприменительная деятельность, совершенствование законодательства в области обеспечения экологической безопасности КР. Разработке учебных и научно-методических материалов.

## SUMMARY

**for dissertation research Karabalaeva Saltanat Bolotovna on the topic: «Theoretical and legal means of environmental safety ensuring of the Kyrgyz Republic» for the Doctor of Law degree in the specialty: 12.00.01 –Law and state theory and history; law and state history studies**

**Keywords:** law, legislation, legal regulation, legal means, environmental safety, concept, subsoil use, threats, flora, fauna, institutionalization, environment, resources

**The object** of the study is public relations on the environmental safety issues legal regulation in the Kyrgyz Republic.

**The subject** of the study is legal norms, trends and regularities of legal regulation on the country’s environmental safety ensuring.

**The aim** of this study is scientific development based on theoretical and legal approaches and means to ensure the environmental safety system of the Kyrgyz Republic.

**Research methods** include an integrated approach that combines various scientific methods such as private and legal, interdisciplinary, philosophical, institutional ones, etc.

The following **research findings** that were obtained in the work as ones of the first comprehensive, systematic scientific research, legal, institutional and conceptual problems related to the protection and provision of environmental safety of the population are considered.

The obtained results can be used for the legislation development in the field of ensuring environmental safety, as well as in the state authorities’ activities.

**Scope of application:** in legal education, educational process, law enforcement activities, legislation improvement in the field of environmental safety, in educational and scientific materials development.